5
Дем берет деген миллиондор чеберчилик береби?



12
«Бирөөлөрдүн илинчегинде илинип турушат»




# САРЕСЕП

saresep.kg

11-август, 2016-жыл
№31 (64)
Калыс көз караш!




# Биз темир жол туңгуюгундабыз

9-бетте



Кинотеатрга баруу салты жанданды

6-бетте



Чөнтөкчүлүк күзүндө күчөйт

7-бетте




Дүйнө жаштарын күткөн келечек

8-бетте

Саресеп гезитинин урматтуу абоненти жай айларында дарек которсоңуз 0773 38 26 25 телефонуна билдирип коюңуз!




# Иззат Артыков коло медалдын ээси



Бразилиянын Рио-Де-Жанейро шаарында өтүп жаткан 31-жайкы олимпиада оюндарында жалпы командалык эсепте Кыргызстан курама командасы 40-орунга жазылды. Бул тууралуу Рио олимпиадасынын расмий тизмесинде жарыяланды. Бул орун кыргызстандык оор атлет Иззат Артыковдун алган коло медалынын эсебинде жазылды.

Артыков 10-августка караган түнү 69 килограммга чейинки салмакта күч сынашкан. Булкуп көтөрүүдө 151 кг, түртүп көтөрүүдө 188 килограмм салмакты көтөрүп, жалпы 339 килограммга көрсөткүч менен 3-орунду алды. Бул салмакта 352 килограмм көтөргөн кытайлык Ши Жуйонг биринчи, 351 килограмм салмакты багынткан түркиялык Данияр Исмаилов экинчи орунду ээледи. Кыргызстандык спортчунун жеңиши Рио-де-Жанейродогу Олимп оюндарында Кыргызстан алган алгачкы байге болуп калды

# Кыргызстанда пенсия көбөйөт




Кыргызстанда 1-октябрдан тарта пенсияны көбөйтүү маселеси каралууда. Бул тууралуу Социалдык фонд төрагасы Теңизбек Абжапаров менен биринчи вице-премьер-министр Мухамедкалый Абулгазиев кечээ президенттин кабыл алуусунда болгон учурда айтышты.

Маалыматка караганда, пенсиянын орточо көлөмү 5173 сомду түзүп, жалпы өсүү 10,2% түзөт.

Мамлекет башчы пенсияны жогорулатууда адилеттик болуусун, жарандар арасында наразылыктар жаралбашы керектигин белгиледи.

2015-жылы өлкөдөгү пенсия орточо 4790 сомду түзгөн.

# Кыргызстан менен Япония кызматташат

КРдин Айыл-чарба, тамак-аш өнөржайы жана мелиорация министри Турдуназар Бекбоев бүгүн, 10-августта Япониянын Кыргызстандагы Өзгөчө жана ыйгарым укуктуу элчиси Есихиро Ямамура менен жолугушту.

Айыл чарба тармагында кызматташуу үчүн көптөгөн долбоорлор бар экендигин белгилеген элчи, Япония өлкөсүнө кызматкерлердин билимин жогорулатуу үчүн алып барууга, сүт азыктарынын сапатын арттырууда кадрларды даярдоо жана башка багыттар боюнча иштешсе болорун айтып өттү.

Япония өлкөсү менен ар дайым кызматташууга даяр экендигин билдирген Айыл чарба министри Турдуназар Бекбоев айыл чарба багытында бир топ маалыматтарды айтып берди.

Кыргызстан Бажы биримдигине киргендигине байланыштуу, көптөгөн иштерди аткаруу алдыда турат. Алардын бири талапка ылайык фитосанитардык лабораторияларды куруу болуп саналат. Андыктан бул жаатта Талас жана Ысык-Көл облусунда фитосанитардык лаборатория куруу пландалып жаткандыгын билдирди.



# Кытайлар Чүй, Жалал-Абадда дары чөп өстүрөт

Кечээ КРнын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министри Т.Бекбоев Кытай Эл Республикасынын Хенань провинциясынын Илимий-техникалык кызматташуу ассоциациясынын өкүлү, Хао Чунлайн илимий институнун деканынын орун басары Ван Жу баштаган делегациянын мүчөлөрүн кабыл алды. Жолугушуунун негизги максаты кызматташтык болуп саналат. Бул тууралуу аталган министрликтин басма сөз кызматы билдирди.

Кытайдан келген өкүлдөр өсүмдүк өстүрүү багытында долбоор менен иш алып барууну сүйлөшүү үчүн келишкен. Долбоордун негизинде Чүй, Жалал-Абад облустарында органикалык дары чөптөрдү эгүү каралган.

Өз кезегинде КРнын Айыл чарба министри Т.Бекбоев кытай тарапка алгач долбоорду жакшылап даярдоону, экологиялык жактан тартып, бардык тарабын жакшы карап чыгуу керектигин билдирди. Мындан сырткары, долбоордун алкагында Кыргызстан үчүн кандай иштер жасаларын тактап жазып берүүсүн сурады.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Путин, Эрдоган жана конституция

Кыргызстанга тиешелүү дүйнөлүк күндемде Санкт-Петербургдагы Орусия менен Түркиянын президенттери Владимир Путин менен Тайийп Эрдогандын жолугушуусу болду. Кыргызстандын күндеминде Иззат Артыковдун Риодогу коло медалы калкыбыздын көңүлүндү жубатты. Бирок өлкөнүн келечегине чоң таасир берчү Конституцияга өзгөртүү киргизүү аракети эксперттердин жүрөгүн өйүткөн боюнча турат.

Ажобуз Алмазбек Атамбаев түрктөрдүн 2015-жылдын ноябрында орус учагын атып түшүргөнү тууралуу "Түрк тарап кечирим сураш керек" деп кесе айткан. Түрк бийлиги өткөн айдагы кечирим суроосун өз элине душмандын тылында аскердик операция өткөргөндөй эле мактап чыгарды. Өлкөсүн диктатордук башкарууга сүйрөп бара жаткан жетекчиге кайдыгер караган элге бокту деле шоколад деп жедирсе болору айкын болду. Башында арстанча "Жеке мен ат дегем" деп күркүрөгөнүн унута салып, аягында «Ал эле, бул эле» деп мышыкча кечирим тиленип барды.

Орустардын учагын аткан соң түрк экономикасы ондогон миллиард доллар чыгымга учураган. Бирок Москва бир тараптуу киргизген тыюулардан орус экономикасы да жабыркап жаткан. Ошондуктан Эрдоган Путинге барган соң Орусиянын тосоттору алуусу орус тарап үчүн жеңиш эмес, түрктөр үчүн чегинүү эмес. Серепчилер үчүн эки тараптын Сирия боюнча кандай кадамдарга барары кызыктуу болуп турат. Орустар бул маселе боюнча эч кандай чегинүүгө барышпайт. Эгер түрктөрдүн Сириялык опозицияга жардам берүүсүн токтоттуруп, Башар Асад менен сүйлөшүүгө мажбурлай алышса, НАТОнун биримдигине жарака салган болушат. Орустар түрктөрдү эмнеге жыкканы жакында билинет.

Конституцияга өзгөртүү киргизүү боюнча референдум бийлик каалагандай ишке ашса да, ал эксперттик чөйрөнүн көңүлүн жубата албайт. Албетте, чуу чыгарган элечек, жоолук жана никабчан кыздар тартылган баннерлерди көгөрүү менен бүт Кыргызстанга кергендей эле, мында да аналитиктердин пикирин тебелеп кете берсе болот. Аида Салянова айткандай, каалаганын каалагандай тегеретүүдөн Конституциянын жийиркеничтүү долбоору сулуу болуп кетпейт.

Баса, Орусияда президенттике ыктаган башкаруу бар. Түркияда жакында жаңы конституция менен Тайийп Эрдогандын салтанаты башталганы турат. Бизде тетирисинче, премьер-министр биринчи адам болгону калды. Бирок президенттин эмес, парламент жана Конституциялык палатанын эсебинен. Мыйзамдуулук жана коомдук келишим жапа чегип жаткан соң, жетекчини кандай атасаң да баары бир адилетсиздик.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:**
Тел.: (0312) 45 48 68, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:**
**Буйрутма №**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Уруксат алган да, берген да жооп берсин



**Бишкек Мэриясы Бишкек башкы архитектурасына көп кабаттуу үйлөрдү куруу проектисиндеги макулдашуу документинде 9 кабаттан өйдө курулган үйлөрдө автономдук өрт өчүрүү системасы болушу шарт экенин айтты. Ошондон улам "Өрт өчүрүүчү автономдук система керекпи? Автономдук системадан башка өрт өчүрүү жабдууларын колдонсо болбойбу?" деп курулуш ишкери Эсенкул Момункуловго кайрылдык:**

– Автономдук өрт өчүрүү деген жаңылык деле эмес. Башка мамлекеттерде деле автономдук өрт өчүрүү системасы колдонулат. Баягыда анча-мынча өрттөр болду. Өрт өчүргүчтөрдүн сабатсыздыгы-бы, же эмнеси билбейм, гидрантты иштете албай коюшту. Гидрантка түтүк кошкондо суу 10-12-кабатка чейин жетиш керек. Учурдагы 10, 12 кабаттуу үйлөрдө автономдук система иштеш керек. Ошону кабыл алып жатканда да жакшылап текшерип алса, эч кандай көйгөй жаралбайт. Бизде эң чоң көйгөй бул өрт өчүргүчтөр. Анткени өрт болгон жерге суусу жок келет, же түтүктөрү тешик болот. Же шатылары 12-кабатка жетпейт. Бул көйгөйдү жоюу үчүн Бишкекке 2 жабдык алып коюу көйгөй деле жаратпайт. Курулушчулардын өзүнө деле салымыңарды кошкула десе макул болушмак. Мурунку салынган үйлөрдө автономдук өрт өчүрүү системасы бар-жок экенин айта албайм. Бирок биз курган үйлөрдүн проектисинде бар. Бизде үч жыл мурун башталган имаратта деле автономдук өрт өчүрүү системасы бар болчу. Азыр көп кабаттуу үйлөрдү да туура салыш керек. Ошондой эле автоунаалар оңой кирип чыгыш керек. Айдоочулар дагы көрүнгөн жерге унаасын коюп кетишет. Ошол себептен өрт өчүрүүчү унаалар өрт болгон жерге кире албай калат. Бизде үйлөр канчалык бийик болсо, өрт өчүрүү жабдууларын да ошого жараша алыш керек. Бул жерде Архитектураның да күнөөсү бар. Анткени 6 метрлик өрт нормасын сактабай туруп эле уруксат берип жатат. Эл дагы белги турганына карабай унаасын коюп кетет. Бул көйгөйдү бир гана куруучуларга тиешелүү эмес. Үй салынбай турган жерге уруксат беришпесин. Куруучу уруксатты кандайдыр бир жол менен алып жатат. Демек, куруучуларды эле күнөөлөй бербей, уруксат берген мекемени да жазага тартышсын.

# Жаштар курултайы жаш лидерлерди бириктирет



**Кыргызстанда алгачкы ирет Бүткүл дүйнөлүк жаштар курултайы өткөнү турат. 11-август күнү Бишкек шаарында башталып, 15-августка чейин Ысык-Көлдө уланган курултай спорт, бизнес, илим жана маданият чөйрөсүндөгү жаш лидерлерди бириктирет. Айтылуу иш-чаранын максаты тууралуу билүү үчүн курултайды уюштуруп жаткан "Kyrgyz Union" уюмунун негиздөөчүсү Талгат Молдалиевге кайрылдык:**

– Ушул жылдын баш оона айынын 11инен 15ине чейин Бишкек жана Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде Кыргызстан Жаштарынын Биринчи Дүйнөлүк Курултайы өтөт. Бул иш чаранын эң негизги максаты – Кыргызстандын жаш лидерлерин жана чет өлкөлөрдө ийгиликтерге жетишкен замандаштарыбызды чогултуп, аларды бекем бир коомго айлантуу жана ошондой эле, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгындагы жаңы долбоорлорду биргеликте ишке ашыруу. Курултайдын ишине 18ден 35 жашка чейинки, коомдун өнүгүшүнө кызыкдар болгон, коомдук турмушка активдүү катышкан, өзүнө жана өзүнүн айланасындагылардын алдында жоопкерчиликти ала билген жаш адамдар катыша алышат. Бул адамдар өз чөйрөсүндө жетишкендиктерге, кандайдыр бир билимге ээ болгон адамдар.

4 күн аралыгында катышуучулар маданият жана спорт тармагындагы актуалдуу жана курч маселелерди, көйгөйлөрдү чечүү максатында өз пикирлерин, долбоорлорун сунушташат. Кыргызстанда ири бизнес менен жаштардын байланышын, алардын жаңы долбоорлорун колдоо жана коомдук долбоорлорду биргеликте иштетүү боюнча маселелер каралат. Жаштардын кесиптик багытына тиешелүү маселелер, жаштар менен мамлекеттин ортосундагы карым-катнашты чыңдоо үчүн керектүү иш аракеттер талкууланат. Жүргүзүлгөн сессиялардын жыйынтыгы боюнча катышуучулар тарабынан коюлган маселелер боюнча резолюциялар кабыл алынат.

Ошондой эле, жаш лидерлерге инновациялык идеяларды, чечимдерди ишке ашырууда, жаңы билим, тажрыйба үйрөтүү максатында атайын спикерлер чакырылат. Курултайдын келечектеги долбоорлорунун негизги темаларын аныктап, аны ишке ашырууда, эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында атайын эксперттик жана координациялык кеңеш түзүлөт.

# Каалагандар акча төлөп колдоно беришсе болмок

**Патрулдук милиция башкармалыгы тарабынан атайын рейд жүргүзүлүп, маңдайкы жана капталдардагы астыңкы айнеги караңгылатылган унаалардын чаптамайлардары сыйрылып, тазаланууда. Анткени бул боюнча кабыл алынган Өкмөттүн 30-июндагы токтому күчүнө кирди. Токтомго ылайык, КРнын президентине, премьер-министрге, Жогорку Кеңештин жана Жогорку соттун төрагасына, аларды коштоп жүргөн жан сакчыларга, УКМКнын 9-башкармалыгына гана уруксат берилген. Ушундан улам «Жаңы муун» саясий кыймылынын мүчөсү Тимур Саралаевге «Өкмөттүн мындай кадамдарына кандай баа бересиз?» деген суроо менен кайрылып, төмөнкүдөй жооп алдык:**



– Буга түрдүү баа берсе болот. Себеби, бул биринчиден ИИМдин маселеси эмес болуш керек. Муну Жогорку Кеңеш чечсе болмок. Учурунда Жогорку Кеңештин 5-чакырылышынын депутаты Данияр Тербишалиев мыйзам көтөрүп чыккан. Анда тонировкага уруксат берүү менен каалагандар сатып алса болот деп каматылган болчу. Эми мамлекеттик коопсуздук кызматынын тогузунчу бөлүмүнүн жандап жүргөн кызматтык автоунааларын айнектерин караңгылатууга уруксат берилди дейт. Ал мурдагы мамлекеттик күзөт кызматы да. Анда Жаныш Бакиевдин кезинде миңге жакын кызматкер бар болчу. Азыр үч миңге жакын кызматкер бар. Алардын жок дегенде теңинин көбүнүн машинасы бар. Орой эсептегенде 1 500 – 2 миң автоунаанын тонировкасы болуп калат. Бирок, коомчулукта бул боюнча пикир келишпестик деле жаралбайт. Мисалы, биз деле күндүн нурунан коргонуш үчүн көз айнек тагынып жатпайбызбы. Бул деле ошондой эле форма. Негизи, демократиялык мамлекеттерде, өзгөчө рынок шартында жарандардын тандоо эркиндиги болуш керек. Каалайбы акча төлөп кыла берсин. Жылына 1 миң доллар болобу, 100 миң сом, же 10 миң сом болобу мүмкүнчүлүгүнө жараша. Азыр сериясы коозураак номерлерди деле алып жатышпайбы. Учурунда номерлерди берген кызматтарга акча берип, коррупциялык схема аркылуу кооз сериясы бар номерлерди алчу. Аны азыр жакшы бир нукка салып койду. Каалаган жаран барып, пошлинасын төлөп ала алат. Менин жеке оюм ушундай.

# Элдер кээде суу уурдашат



**Лев Толстой көчөсүнүн Фатьянов көчөсүнөн Абдрахмановго чейинки бөлүгүндөгү тротуарды арыктан ашкан суу каптап жатат. Арыктын ичи таштандыга толуп калган. Айласы кеткен жарандар унаа жүрүүчү жол аркылуу басып жүрүшөт. Бул болсо адам өмүрүнө коопттуулукту жаратууда. Бирок бул көрүнүш борбор калаанын ушул эле жеринде болуп жаткан жок. Ошондон улам бул арыктарды кеңейтүү, же болбосо арыктын ичин тазалоо үчүн кандай иш-аракеттерди көрөсүздөр деп «Тазалык» муниципалдык ишканасынын Биринчи Май райондук аймагынын жетекчиси Айталиев Фархат Иманбековичке кайрылдык:**

– Ооба, чындыгында ал жерди суу каптап кетти. Суу каптаган жердеги арыкты күрөк менен эле тазалап койсо болот. Бирок суу бургандар арыкка баткыдай эле суу жыгып келбей, Фатьянов-Советский жактан да көп суу буруп ийген. Натыйжасында Лев Толстой көчөсүндөгү тротуардын баарын суу каптаган. Биздин тазалоочулар ал жердеги таштандыны такыр тазалай албай коюшту. Суу бөлүштүргөн жерге башкы жумушчу менен барып, каптап аткан сууну ылдый буруп, арыкка толгон таштандыны тазаладык. Арык өзү кичинекей болгондон кийин ага баткыдай эле суу келиши керек да. Же болбосо чоңураак арык болгону жакшы. Бул жерде суунун каптап кетиши сугатчылардын эле күнөөсү десек болот. Былтыр кичинекей арыктарга деле суу толтура албай кыйналганбыз. Быйыл жамгыр көп жаагандыктан суунун көлөмү да көбөйдү. Бизде баландай жерде сел болду, түкүндөй жерди суу каптап кетти деген маалыматтар күндө түшүп жатат. Элдер кээде сугат сугаруу, же дагы башка нерсеге керектөө үчүн арыктын жээктеринен жыгып, туш-туштан уурдап жыгып кетишет. Ошондон улам алар уурдаса да бизге жеткидей болсун деп баш жагынан чоң буруп алышат экен. Бирок, элдер кээде суу алганы менен кээде албай коюшат. Же күндүз алышат дагы, кечинде кайра жалпы арыкка буруп салышат. Ошондон улам суу көйгөйү болуп, "Суу каптады" деп чуулдап калышат. Эртең мененки 4кө чейин муниципалдык уюмдар суу колдонот. Ал эми төрттөн кийин эл колдонот. Арыктан ашыра суу буруп алгандарга кандайдыр бир чара кабыл алыш керек окшойт.

# Экономикс

*(уландысы, башы мурунку санда)*

(уландысы, башы мурунку санда)

**Картада тиешелүү аймактын бардык өзгөчөлүктөрү өзүнө камтылганын элестетсеңиз. Дарыя менен парктар гана эмес, бардык имараттар, алардын ичиндеги бөлмө менен эмерек сыяктуу майда-чүйдө нерселер кошо түшүрүлдү дейли. Бардык деталдарды чагылдыруу ниети менен кандай болбосун кеңири масштаб колдонулса да, бар нерсенин баарын чагылдыруу мүмкүн эмес**




## Экономикс теориялары: Божомол так маалыматка негизделиши керек

Физикадай эле экономикс теориялары келечекти божомолдоо үчүн иштелип чыгат. Бул теориялардын багыттары илимий изилдөө, байкоо жана алынган натыйжаларды колдонуу усулдары аркылуу жаңырып, доорго жараша өзгөрүп турат. Бардык илим сыяктуу эле экономикс да болгон суроого конкреттүү жооп бербейт, ал буга чейин маалым болгон так маалыматтарга негизделген теорияларды иштеп чыгат. Физикада Ньютондун мыйзамдары көптөгөн фактарды түшүндүрө алган. Ал мыйзамдар Эйнштейн тарабынан ачыкталып, буга чейин калыптанып калган илимий пикирлерди жарып чыгып, көптөгөн жаңы илимий багыттарга жол ачкан. Эйнштейн ачкан мыйзамдар да канчалык сонун көрүнгөнү менен акыйкаттын дал өзү эмес экенин физиктин баары жакшы билишет. Ал теориялар табияттын кубулуштары тууралуу жакшы жоопторду бергени менен, көптөгөн суроолордун жаралышына да себеп болгон. Физикалык нерсени талкалап, эмнеден турарын изилдөө үчүн атайын куралган Ири андрондук коллайдер (ИАК) нерсенин табиятын ачыктап, физика тууралуу түшүнүгүбүздү жакшыртмакчы. Бирок ИАКты курууга жана иштетүүгө кеткен чыгымдар азыртан эле 4 млрд. долларды чапчыды.

## Экономикс божомолдоо усулун көп колдонот

Экономиксте жаңы теорияларды иштеп чыгууда физикадан анча айырмаланбайт. Бирок физика сыяктуу ИАКта бир нерсени талкалап жаңы маалыматка ээ болгондун ордуна, экономикс көбүнчөсүн байкоо усулун колдонот. Көп экономикалык теориялардын табияты жөнөкөй эле. Бирок алар түрдүү майда-барат нерселердин аркасынан көрүнбөй калат. Ал майда нерселер илимий натыйжага таасир берип, теориянын божомол кылуу мүмкүнчүлүгү менен экономикалык саясатты калыптоосуна тоскоол болот. Биз бир аздан кийин экономикалык өсүүнү изилдейбиз. Экономикалык өсүү бул белгилүү бир мөөнөт ичинде өлкө же аймактагы өндүрүмдүн өзгөрүүсүнүн көлөмү. Бүткүл дүйнө калкынын жашоо деңгээлинин жогорулоосу үчүн ар бир өлкөнүн экономикалык жаатта өсүүсү өтө маанилүү.

## Экономикалык өсүүнүн факторлору

Буга чейин экономикалык өсүүнүн көптөгөн теориялары иштелип чыккан. Алардын арасынан эң көп колдонулган теориясы 1956-жылы Роберт Солоу жана Тревор Сван сунуштаган. Алар инсандык жана физикалык ресурстардын өсүү темпи менен калктын көбөйүүсүн экономикалык өсүүнүн эң олуттуу жана чечүүчү факторлору деп аныкташкан. Экономикадагы макроэкономикалык туруктуулук, өлкөдөгү соода саясатынын сырткы сунуш жана талаптарга ачык же жабыктыгы, коомдук институттар менен мамлекеттик башкаруунун табияты жана сапаты, б.а. мыйзамдар канчалык эффективдүү экени жана мамлекет жемкорлукту чектей алгандыгы, кылмыштуулуктун деңгээли, өлкөдө согуштук аракеттердин жана кагылышуулардын болуп кетүү мүмкүндүгү, мамлекеттин жайгашуу географиясы, аба-ырай шарттарынын өзгөчөлүгү, өлкөнүн сырткы базардагы атаандаштыкка даярдыгы, жерди сатуу, же ижарага берүү мүмкүнчүлүгү сыяктуу ички шарттар да экономикалык өсүүгө таасир берген факторлор катары аталган.

## Экономикалык моделдер: Майда нерселер олуттуулукка тоскоол болот

Анатомия сабагынын мугалимдери адамдын жүрөк, боор, бөйрөк сыяктуу ички органдары бар пластик моделди колдонушат. Анткени бул нуска студенттерге органдардын жайгашуусу менен өз ара байланышын түшүндүрүүгө көмөк болот. Албетте, бул пластик үлгүгө эч ким тирүү адамга кылгандай мамиле кылбайт. Себеби ал үлгүдө көптөгөн кошумча майда деталдар каралган эмес. Бирок анын чындыкка анча коошпогондугу студенттерге адамдын денесинин түзүлүшүн түшүнүүгө тоскоол боло албайт. Экономисттер да турмушта түрдүү моделдерди колдонушат. Алар пластиктен эмес, диаграмма, график жана теңдемелерден турат. Пластик денедеги сыяктуу эле экономикалык моделде да көптөгөн майда деталдар жетишпейт. Бирок алардын жоктугу тетирисинче, бизге чыныгы олуттуу нерселерге көңүл буруп, экономикасти тереңирээк түшүнүүгө жол ачат.

> «Роберт Солоу жана Тревор Сван 1956-жылы инсандык жана физикалык ресурстардын өсүү темпи менен калктын көбөйүүсүн экономикалык өсүүнүн эң олуттуу жана чечүүчү факторлору деп аныкташкан.»

## Божомол түшүнүгүн жеңилдетет

Биз экономикалык моделдерге терең үңүлгөн сайын, алардын баары белгилүү бир божомолдорго негизделгенин көрөбүз. Буга чейин биз карап чыккан мисал боюнча замбиректин огунун жерге түшүүсүндө абанын каршылыгын физик эске албаган сыяктуу эле, экономисттер да изилденип жаткан маселеге анча тиешеси жок фактордун таасири жок деп божомолдошот. Физика, анатомияда болгон сыяктуу эле экономикалык теорияда колдонулган илимий моделдерде да түшүнүгүн жеңилдетүү максатында турмуш жөнөкөйлөштүрүлөт.

## Үлгүдө бардык нерсени чагылдыруу мүмкүн эмес

Божомолдордун экономикалык илимий изилдөөдөгү ордун жакшырак түшүнүү үчүн картаны мисал кылсак болот. Карта бул реалдуу дүйнөнүн бир бет кагазга түшүрүлгөн нускасы. Бирок ар бир карта дүйнөнүн кээ бир өзгөчөлүктөрүн өз бетинен сырткары калтырат. Мындай карта тиешелүү аймактын бардык өзгөчөлүктөрүн өзүнө камтыганын элестетсеңиз. Дарыя менен парктарды гана эмес, бардык имараттарды, алардын ичиндеги бөлмө менен эмерек сыяктуу майда-чүйдө нерселерди кошо көргөздү дейли. Бардык деталдарды чагылдыруу аракети менен кандай болбосун кеңири масштаб колдонулса да, бар нерсенин баарын чагылдыра алмак эмес. Сиздин бул майда-чүйдө нерсенин баарынын картада чагылдыруунун кереги жок болчу деген пикириңиз албетте, туптуура болмок. Бирок кайсыл деталдарды калтырып, кайсынысынан баш тартуу керектигин кантип чечсе болот? Картаны эмне максатта колдонуу ниетинде экениңизди чечкенде мунун жообун табасыз.

## Ар картанын өз орду бар

Мисалы, сиздин досуңуз Берлиндин картасын бере турууңузду өтүндү. Сизде ага керектүү үч карта бар дейли. Берлиндин проспекттери жана негизги жолдору менен бирге шаардын чеке белин кошо камтыган карта, Берлиндин борбор көчөлөрүн алфавиттик тартипте чагылдырган карта жана шаардын метро жолдорунун картасы. Досуңузга кайсыл картаны бересиз? Эгер ал Берлинди метронун поезди менен кыдыргысы келсе, анда ага метрополитендин картасы керек. Досуңуз Рейхстагдын тегерегиндеги көчөлөрдө жөө сайрандагысы келсе, ага метронун картасын көрө, алфавиттик көрсөтмөсү бар Бердиндин борбордук көчөлөрүнүн картасы зарыл болот. Эгер досуңуз өлкөдө автоунаа менен саякаттап жүрүп, Берлиндин борбордук көчөлөрүнөн оолагыраак өтүүнү кааласа, ага негизги жолдордун картасы керек. Ага буга чейинки эки карта жардам бере албайт. Себеби аларда Берлиндин борборунан сырткаркы жолдор түшүрүлгөн эмес. Бул картанын бири да реалдуу дүйнөнүн мүнөздөрүн камтыган эмес. Бирөө бир максатка сонун жарап бергени менен, башка нерсе үчүн колдонууга мүмкүн эмес.

## Модел максатка жараша түзүлөт

Жогорудагы өзгөчөлүктөр экономикалык моделдерге да тиешелүү. Экономикалык моделдерди ишке ийгиликтүү ашыруу үчүн реалдуу турмуштун кайсыл өзгөчөлүктөрүн моделде чагылдыруу керектигин жана кайсыл деталдар конкреттүү максатты көздөөрүн бул моделде колдонуунун кереги жок экенин ажырата билүү зарыл. Чечим сиз бул моделди эмне максатта түзүп жатканыңызды жакшы аңдооңузга байланыштуу. Биринчи моделибизде эң жалпы экономикалык түшүнүктөр менен экономиканын кантип иштегендигин сүрөттөп чыгууга аракет кылабыз. Мында модел аркылуу бир фирманы ишке салуу үчүн канча кызматкер керектиги, же үй чарбачылыгында канча литр сүт сатып алыш керек экенин кантип чечсе болот деген маселелерди караганга аракет кылбайбыз.

*(уландысы кийинки сандарда)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

# Дем берет деген миллиондор чеберчилик бере албайбы?

Кыргызстан олимп оюндарында 25 жылдан бери болгону 3 медалга гана ээ болду. Демейде спортчулардын алсыздыгын каражаттын аздыгына байланыштырышкан. Анткени менен жылына спорт тармагына 622 млн. сом бөлүнөрүн мамлекеттик спорт департаменти билдирди

Деги кыргыз спортчуларынын медалдан куру жалак калышынын себеби эмнеде? Каражаттын аздыгыбы, же чеберчилик менен мекенге болгон сезимдин алсыздыгыбы? А балким бөлүнгөн каражат өз ээсин таппай, коюн-колтукка кетип жатсачы?

## Жогорку категориядагы спортчуга айына 45 миңден берилет

Кыргыз спортунун аксап тургагына көпчүлүк мамлекетти күнөөлөп келет. Бирок президент Алмазбек Атамбаевдин олимпиада оюндарына сапар тарткан спортчуларга убада кылган акчалай байгеси мындай ойду кармап тургандарды башкача ойлонто баштады.

Дене-тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттигинин массалык спорт бөлүмүнүн башчысы Арпачиев Канаттын айтымында, ар кандай категориядагы 286 спортчуга жалпылай 32 млн. сом стипендия каралган.

– 2016-жылы спорт тармагына 622 млн. сом каралган. Бул каражат 25ке жакын спорт мектептерине, машыктыруучулардын айлык акысына, спортчулардын эл аралык мелдештерге барып келген жолуна кетет. Андан тышкары облус, район, айыл аймактардагы спорт мекемелеринде эмгектенген машыктыруучулардын айлык акысы да ушул акчадан каралат. Ал эми эң жогорку категориядагы спортчуларга 45 миң сом, кийинки баскычтагыларга 25 миң, 15 миң, 8 миң, 2 миң сомго чейин стипендия ыйгарылат.

## Спортчуларды карызга алып жөнөтөбүз

Бирок, айрым спорт адистеринин айтымында, бөлүнгөн каражат өтө эле аздык кылат. Анткени спортчунун өзүн физикалык формада сактап турушу үчүн ар кандай дары-дармектер, витаминдер, бир канча каражат талап кылынат. СССРдин эркин күрөш боюнча эмгек сиңирген машыктыруучусу Руслан Искенов агай мамлекет жыйынтыкка эмес, жыйынтык алып келе турган факторлорго көңүл бурганы туура деп эсептейт.

– Коңшу Казакстанда 1 эле спортчуга жылына 350 миң доллар каралган. Мисалы, 1 жылда 360 күн болсо, жакшы спортчуларга ошол 360 күн бою көңүл бурулушу шарт. Мамлекеттин берген акчасы ага жетпейт. Ошондуктан берилген акчаларды биз эң негизги мелдештерди алдында гана пайдаланабыз. Негизи спортчу бир күндүк машыгууда 7500 ккал (килокалория) жоготот. Физиология боюнча жөнөкөй адамдын каны 8 саатта айланса, 2 маал машыккан спортчунуку 4-5 саатта айланып бүтөт. Бул албетте, кан тамырга жана башка органдарга көбүрөөк түйшүк жаратат. Бир жумада спортчу жок дегенде 8 маал 2 сааттан машыгат. Ошондо денесиндеги баардык керектүү ферменттер чыгып кетет. Ошондуктан спортчуга бардык ферменттерди камтыган фармакология керек. Анын ичинде калий, магний, гелий, кальций жана башка витаминдер бар. Витаминдерди кабыл албай эле машыга берсе, спортчу 1 эле айда баспай калат.

Машыктыруучу Искенов ушул сыяктуу факторлор келечеги кенен спортчуларды чоң спорттон четтетип жатат деген ойдо. “Мисалы турнирге 5 спортчу аттанса, мамлекет үчөөнүн гана жол акысын төлөп берет. А калган экөөнү күн биз ар кандай демөөрчүлөргө кайрылып, чуркап жүрүп, такыр болбосо карыздап таап жөнөтөбүз” деген Руслан агай азыркы спорттун жетишкендиги спортчулардын таланты менен кошо машыктыруучунун тынымсыз эмгеги менен да ишке ашарын кошумчалады.

## Чоң спортко жол айылдан башталат

Анткени менен жогоруда айтылган 622 млн. сом менен жаңы спорт клубун куруу, жаштарды спортко тартуу иш-чаралары каралган эмес. Айыл-аймак, жер-жерлердеги спорт аянтчаларынын көпчүлүгү демөөрчүлөрдүн жана жергиликтүү жеке ишкерлердин жардамы менен бүтүп келет.

Манас районунун Арал айылында орун алган спорттук клуб айылдыктардын аракети менен курулган. Ал эми айылдык активисттердин жардамы менен спорт шаймандары, килем, төшөнчүлөр алынган. Жергиликтүү тургундардын айтымында, клуб курулгандан тарта жеткинчектер ар кандай район аралык турнирлерге катыша баштаган. Балдарды машыктырып жүргөн Урмат чоң спортко жол дал ушул айылдан башталарын айтат. Ал ири суммадагы акчалай байгелер спортчуга шык бергени менен, чеберчилик бере албайт деген пикирде.



– Клуб мурда мектептин от жаккан жери болчу. Айылдык демөөрчү активисттер чуркап жүрүп, спорттук клубка айландырышты. Курулганына 2 жыл болду. Ошол убакыттан бери балдар ар кандай мелдештерге катышып, ийгилик жаратып жатышат. Менимче, кыргыз спорту өнүгүп, спортчулар олимп медалын багындырыш үчүн биринчи кезекте айыл аймактарга көңүл бурулушу керек. Балдар эркин күрөш жана бокс боюнча машыгышат. Бирок спорттун дагы канчалаган түрү бар. Волейбол, баскетбол ж.б түрлөрүнөн деле спортчу даярдаса болот да.

## Медал ээсин күткөн байгелер

Рио-де Жанейродо (Бразилияда) өтүп жаткан олимпиада оюндарына Кыргызстандан спорттун 6 түрү боюнча 19 спортчу аттанган. Бул буга чейинки оюндарга салыштырмалуу жакшы көрүнүш. Анткени Лондон олимпиадасына катышууга 11 гана спортчу лицензия ала алган. Быйыл алардын саны 19. Демек, мүмкүнчүлүк да көбүрөөк. Бирок оюн башталбай жатып спортчуларыбыз биринен сала бири жеңилүүгө тушугуп, үмүттөргө суу сепкендей эле болууда.

Президент Атамбаев болсо Бразилиядан медал менен келген спортчуларга ири суммадагы акчалай белек убада кылды. Убадага ылайык, алтын медалга 7 млн. сом, күмүшкө 5 млн., ал эми коло медалды багындырган спортчуларга 3,5 млн. сом акча каражаты ыйгарылмай болду. Ал эле эмес, Улуттук олимпиада комитетинин президенти Шаршенбек Абдыкеримов Риодон медал багындырып келген спортчуларга автоунаа, ал эми машыктыруучуларга турак жай бере турганын айтты. Анын айтымында, биринчи орунга “Тайота-Прадо”, экинчи орунга “Тайота-Камри”, ал эми үчүнчү орунду ээлеген спортчуну “Тайот-Королла” үлгүсүндөгү жаңы автоунаа күтүп турат. Андан тышкары, ал “Машыктыруучулардын да эмгеги зор. Алар да спортчунун жанынан түнү-күнү чыкпай эмгек кылууда” деп айтуу менен машыктырган спортчусу алтын алса үч бөлмөлүү, күмүш алса эки, коло медалга илинсе, бир бөлмөлүү үй ыйгарыла турганын билдирди.

Ал эми комитеттин башкы катчысы Саламат Эргешов медал багындырган спортчулар президенттин указы менен өмүрүнүн аягына чейин акчалай камсыз болорун билдирди.

– Президент 7 млн. сом берилет дебедиби. Ошол сумманын 25 пайыз өлчөмүндөгү акча спортчунун жеке жана башкы машыктыруучусуна берилет. Ошондо алар 1 жарым млн. сомдон алышат. Негизи олимпиадага катышып жаткандар 45 миңден стипендия алышат. Алар утабы, утпайбы? Айырмасы жок. Андан тышкары, президенттин указына ылайык, 1-орун ээлерине 20 миң, 2-орунга 17, 3-орун алгандарга 15 миң сом каралган. Ал акча өмүр бою пенсия катары берилет.

## Мекенчилдик болбосо, ийгилик да болбойт

Анткени менен “Мамлекет спортчуларга шарт түзбөйт, жетишерлик көңүл бурбайт” деген пикирге кошулбагандар да бар. Алардын бири бокс боюнча Азия чемпиону Азат Усеналиев. Азаттын буга чейинки ийгилик жаратуусуна өкмөттүн кошкон салымы жок деп айтууга болбойт. Тескерисинче, анын ролу чоң. “Ийгилик жаратууда биринчи кезекте чеберчилик, экинчиден кызыгуу жана эң башкысы көкүрөктөгү мекенге болгон сүйүү” – деген Азат, бир гана каражат жана байге спортчуну чемпиондукка жетелей албайт деген пикирде.

## Сүйүнчү, жеңиш биздики!

Айтмакчы, бул макалабыз даярдалып аткан күнү оор атлетибиз Иззат Артыков Рио-де-Жанейродогу олимпиадада 69 килограммга чейинки салмакта күч сынашып, булкуп көтөрүүдө 151 кг, түртүп көтөрүүдө 188 килограмм көтөрүп, жалпы 339 килограмм көрсөткүч менен 3-орунду алды. Бул биздин мамлекеттин эгемендик алгандан берки төртүнчү жана быйылкы жылдын эсебинен 1-сыйлыгыбыз. Кубанычтуу маалымат бардык мекендештерин кубантып, төбөсүн көккө жеткирип турганда, өлкө башчыбызы Алмазбек Атамбаев да четте калбай, жеке өзү балбаныбызга чалып, куттуктоо сөзүн айтты. Бар болсун баатыр жигитибиз! Байгеси ургаачы болуп, артынан дагы далай-далай жеңиштерди жетелеп келе берсин!!! Башка спортчуларыбызга да ийгилик каалап, жеңишке жетишин тилейбиз.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Кинотеатрга баруу салты жанданды

Кооз идишке салынган попкорн, бүйүрдү кызыткан трейлер, экрандан суурулуп чыккан 3Д, туш-тарапка илинген афишалар кинотеатрлардын кыргыз коомуна кеңири жайылып бара жатканынан кабар берет



Искусство жаатында кино маанилүү роль ойнору талашсыз. Элдин пикири тасма көрүү менен өзгөрүлүп, жамандыр-жакшыдыр баалуулуктарга ээ болот. Жалпы кино корунан кичинекей бөбөк, аны тарбиялаган ата-эне, же пенсионер, же чыгаан бизнесмен дагы өзүнө керектүү тасма таба алат. Фильмдер бир эле убакта көрүүчүнү кайгыртып, же күлдүрүп, же өткөндү эстетип, же келечекке алып барат. Бирок бир да тасма адамды акылдуу кылып жибербейт. Болгону ал көрүүчүгө кандайдыр бир маанай тартуулайт. Мына ошол же кубанычтуу, же кайгылуу маанайга батып, даамын сезүү үчүн, же тажата баштаган кайталанма күндөргө өзгөртүү киргизүү үчүн адамдар кинотеатрларга бет алышат жана эс алуунун так ушул түрү акыркы күндөрдө модага айланды десек жаңылышпайбыз.

## Өлкөбүздө 1 миллион адам кинотеатрга барат

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2011–2015-жылга салыштырмалуу өлкөбүздө кинотеатрлардын саны 31 пайызга өскөн. Алсак, мурун жалпысынан 32 кинотеатр болсо, азыр ал 42ге жетип, анын 10у айыл жерлеринде жайгашкан. Муну менен катар кино көрүүчүлөр 437 миңден 1 млн.492 миңге өскөн. Демек, кино тармагы, кино көрүү маданияты Кыргызстанда ыкчам өсүп баратат десек болот.

Өлкөбүздөгү кинотеатрларда атамекендик жана чет өлкөлүк тасмалар көрсөтүлөт. Ар бир кинотеатрлар билет баасына, залдын шартына, тасмалардын түрүнө жараша айырмаланат. Жалаң гана кыргыз тасмаларын көрсөткөн **"Кыргыз кино" кинотеатрынын негиздөөчүсү, режиссер Айбек Дайырбеков** кинотеатрлар болбосо жаштарыбыз бош убактысын көчө таптап өткөрүшмөк дейт:



– Кинотеатрлардын көбөйүшү менен жарандарыбыздын киного барып жатканын түшүнөбүз. "Кыргыз кино" кинотеатрында жалаң гана кыргыз режиссерлору тарткан кыргыз жана орус тилиндеги кинолор көрсөтүлөт. Биз чет өлкөнүн тасмаларын көрсөтпөйбүз. Ошондуктан биздин ишибиздин Америка маданияты менен эч кандай тиешеси жок. Кудай буйруса, быйыл сентябрда ачылганына беш жыл болот. Андан бери 150гө жакын кыргыз тасмасы көрсөтүлдү. Көрүүчүлөрүбүз ар кыл курактагылар. Эң эле чоң нерсебиз санариптик форматка өткөнүбүз. Кыргызстан бул форматка кошуна өлкөлөрдүн арасынан эң биринчи болуп өткөн. Илгери пленкага тартылган тасмалар кымбат турчу. Санарипке өткөндөн бери техникалык жактан кыйла арзандады. Ошого байланыштуу көп жеке компаниялар, режиссерлор ишке кирип, кино саны көбөйдү. Андан сырткары, кинотеатрлардын өсүшү өлкөбүзгө түздөн-түз пайда берет. Жалпы элдин, жаштардын эстетикалык табитин көтөрүп, кинотеатрга баруу маданиятын өрчүтөт. Элестетсеңиздер, биздин кинотеатрга ушул убакка чейин 300 миңге жакын адам келип, кино көрүп кетиптир. Эгер кинотеатр болбосо бул адамдар убакытын кантип коротушмак. Көчө таптамак, кафеге барышмак. Андан көрө, киного келгени жакшы эмеспи. Себеби кино деген баары бир маданияттын бир түрү болуп саналат да. Ошондой эле кинотеатрлардын көбөйүшү мамлекетке экономикалык жактан да пайда алып келүүдө. Канчалаган адам кино тартып жатса, дагы миңдеген киши киноиндустрия жагында жумуш менен камсыз болду.

## Көрүүчүлөр арасында кыргыз тасмалары популярдуу

Кыргызстанда алгачкы кинотеатрлар атамекендик кино тартылып баштаганга чейин эле пайда болгон. Бирок өкүнүчтүүсү – буга чейинки кинолор тар жана эски имараттарда көрсөтүлгөн. Кийинчерээк, 1938-жылы борбор калаадагы Ала-Тоо кинотеатрынын ачылышы кино көрүүчүлөр үчүн өзгөчө жаңылык болду. Учурда кинотеатрлар бири-биринен кескин айырмаланат. Жеке кинотеатрлар заман талабына ылайык жабдылып, улам оңдолуп-түзөлүп турса, тээ совет доорунан бери келе жаткан кинотеатрлардын айрымдарынын эскилиги жетип, араң эле тургандай.

Ал эми көрүүчүлөрдүн басымдуу бөлүгү Октябрь кинотеатрынын орундуктары ыңгайсыз деп айтышат. Айтылуу кинотеатрдын администратору Базекова Жаркын чынында эле орундуктар совет мезгилинен бери алмашыла элек экенин айтып өттү:

– Октябрь кинотеатры кайра куруу жылдарынан кийинки биринчи кинотеатр десек болот. Азыркы "Синематиканын" алгачкы кадамдары ушул Октябрь кинотеатрынан башталган. Учурда заман талабына ылайык кылып дагы жасадык. 3 зал бар, анын экөөсүндө кыргыз тасмалары, бирөөсүндө батыш жана 3Д форматындагы тасмалар көрсөтүлөт. Көрүүчүлөрдүн жашы тасмага жараша болот. Бирок эң негизги көрүүчүлөрүбүз студенттер. Себеби кинотеатрды Жогорку окуу жайлар тегеректеп турат. Кинотеатрлардын өсүп жатканын бир гана пайдалуу жактары бар. Ошондуктан заман агымы менен бирге болуп, бир орунда турбаганга аракет кылыш керек. Биз дагы репертуарыбызга жаңы тасмаларды алып келгенге аракет кылабыз. Бирок бизде кыргыз тасмаларына басым жасалып, көрүүчүлөр көп келет.

## Батыш маданияты кинотеатрлар санын көбөйттү

Эс алуу күндөрү, же болбосо иш күндөрү жумуштан кийин кинотеатрга баруу, колго попкорн толтурулган куту кармап отуруу батыш маданиятынын кыргыз коомунда жакшы эле орун алгандыгынан кабар берет. Өлкөбүздөгү кинотеатрлардын көбөйүшү дагы ошону айгинелеп тургансыйт. **Режиссер Эрнст Абдыжапаров** кинотеатрлардын көбөйүшүнө батыш маданиятынын таасири бар экенин айтат:



– Кинотеатрлардын көбөйүп жатканына батыш маданиятынын, өзгөчө Америка киносунун таасири болбой койбойт. Анткени азыр Космопарк, Вефанын ичиндеги жаңы залдардын ачылып жатышынын баары ошол маданияттын таасири. Бирок чын-чынына келгенде, мисалы, жалаң эле кыргыз киносу көрсөтүлгөн Кыргыз киносундагы эки зал, Манас кинотеатрындагы жети зал, Ошто алты, жети зал, ар бир райондо бирден-экиден зал ачылып жатат. Булар болсо Америкалык киного эч кандай тиешеси жок. Кайра тескерисинче, түздөн-түз кыргыз киносунун өсүп жатканын билдирет десек болот. Бирок, кинотеатрлардын көбөйүшү, статистика кинолордун сапатын аныктабайт. Сапаттуу кинофестивалдар аныктайт.

Канададан келген IMAX кинозалынын Кыргызстанда ачылышы кино сүйүүчүлөр үчүн жакшы кабар болуп, кинотеатрга барган көрүүчүлөрдү көбөйттү. Айтылуу кинотеатр Азияда экинчи ирет ачылууда. Биринчиси Астанада орун алган. Сапаттуу сүрөттөлүшү, шыбыраган жаан үнү менен өзгөчөлөнгөн дүйнөлүк IMAX кинотеатры 1973-жылдан бери иштеп келет. Айтылуу **кинотеатрдын администратору Сагынбаева Гульбара** учурунда мамлекет кинотеатрларга көңүл бурбай койгон, ошондон улам бул тармактагылардын өзүн аман сактап калгандары гана бутуна турганын айтат:

– IMAX кинозалы Кыргызстандагы заман талабына толугу менен ылайыкташтырылган жалгыз зал. Бул бизге Канададан келди. Сапат жагынан алдыңкы орунда болгону үчүн көрүүчүлөрдүн саны көбөйдү. Сыналгы же болбосо DVDден кино көрүү кинотеатрдан көргөнгө жетпейт. Ал жакта экран кичинекей болуп, адамдар киного толугу менен кирип кете албайт. Бизге жаштар жана совет доорунда кинотеатрга барып, кино сыйкырын көрүп калган адамдар келишет. Деги эле совет мезгилинде бизде кинотеатрлар көп болчу. Өкүнүчтүүсү азыр ошонун саналуу эле бөлүгү калды. Ошол калгандары да заман талабына ылайык жабдылгандар. Мен алгач Ала-Тоо кинотеатрында иштегем. Кайра куруу башталганда кинотеатрлар чөгүп кетти. Мамлекет дагы көңүл бурган жок. Баары өз күчү менен тырмаланып жатышты. Ушул боюнча биздин жеке ишкерлер азамат. Алар калк үчүн кинотеатрларды ачып жатышат. IMAXтай кинозалдын ачылышы эле биздин мамлекетибиз үчүн чоң жаңылык.

Чыныгы жашоодон алыстап, сыйкырдуу дүйнөгө кино аркылуу кирүүгө мүмкүнчүлүк берген кинотеатрлардын көбөйүшү коомубузда кинотеатрга баруу маданиятынын өнүгүп жатканынан кабар берет. Болочок жарын киного чакыруу, кинотеатр алдында жолугушуу, жаңы тасмаларды биринчилерден болуп көрүү өткөн чакты эске салган жагымдуу көз ирмемдер экени талашсыз. Бул нерселер бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой келе жатканы жакшы эле нерсе болсо керек.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Чөнтөкчүлүк күзүндө күчөйт

Акыркы убакта борбор калаадагы коомдук унааларда, айрыкча, маршруттук таксилерде, аялдамаларда уурулук көп катталат. Жакында 30-июль күнү 216-маршруттук таксиден белгисиз адамдар М.Р аттуу жарандын арткы чөнтөгүнөн капчыгын уурдап кетишкен. Капчыкта 1020 сом жана айдоочулук күбөлүгү бар болчу. Мындан башка дагы 147-маршруттук таксиден А.Н. аттуу жарандын ID кардын жана 2320 сомун уурдашкан



## "Уурдатканымды өзүм сезбей калгам"

Бул сыяктуу окуялар борбор калаадагы маршруттук таксилерде көп учурайт. Бирок аларды кармоо оңой эмес экен. Анткени алар жалгыздап иш кылбай, экиден-үчтөн болуп жүрүшөт. Чөнтөкчүлөрдүн кайырмагына илинген Чолпон айым кымбат баалуу уюлдук телефонун маршруттук таксиден кантип уурдатканын билбей калганын мындайча айтып берди:

– Мен кантип уурулардын курмандыгы болуп калганымды өзүм да сезбей калгам. Ал күнү күндөгүдөй эле окуума бара жаткам. Барар жерим алыс болгондуктан арт жакка жылып алгам. Анан такси толо баштады. Алдыда бир канча балдар турган. Өңдөрүнө деле маани берген эмесмин. Түшөр жериме жакындаганда ортодон тыгылып өттүм. Эки баланын ортосунан араң суурулуп чыгып, маршруткадан түшсөм, сумкам ачылып калыптыр. Телефонум ылдый жагында эле болчу, бирок алып коюшуптур. Менимче, булар атайын топ-топ болуп жүрүшөт. Алдыда турган эки баладан эле көрүп койдум. Дароо эле телефонума чалсам, өчүк экен. Ошол бойдон милицияга деле кайрылган жокмун. Себеби мындайлар көп болгондуктан менин телефонумду издешпесе деле керек. Эжем дагы капчыгын базардан топ болуп келаткан балдардын ортосунан өтүп баратып алдырып ийген. Дагы жакшы, жаңы эле банктан алган акчасын өзүнчө салып коюптур. Дени соо, күч-кубаты бар балдардын жакшынакай иште иштебей ушундай ишке барып жатканы өздөрү үчүн болбосо да мамлекетибиз үчүн уят эле нерсе болсо керек.

## "Уурулар көргөнүн алмайын тынбайт"

Ал эми **маршруттук таксинин айдоочусу болуп 45 жылдан бери эмгектенип жүргөн Азат байке** бул жылдар аралыгында коомдук транспорттогу уурулардын далайын көргөнүн айтты.



Ал уурыларды карматууга канча аракет кылса да, аларга эч нерсе болбойт дейт.

– Уурулар жалгыз жүрбөй, эки-үчтөн болуп жүрүшөт. Бирөөсү коопсуздук жагын караса, экинчиси жүргүнчүлөрдү карап турат. Ал эми капчыкты уурдап качуу убагында бирөөсү ууруну кубаламыш болуп коюп, ууруга жардам берет. Эмнеси болсо да ууруну качыруу аракетин көрүшөт. Маршруткада көп элдер тыгын болуп кирип баратканда сумкаларына колун салышат. Же болбосо соода кылып жаткан кишинин акчасы көп экенин байкап калса, аркасынан андып маршруткага чейин келип отурат. Уурулар көргөнүн алмайын жаны тынбайт. Алардын капчык уурдап жатканын көрүп эле жүрөбүз. Качып баратканын да көрөбүз. Биз аларды ууру кылып жаткан жеринен кармап, далилдеп, бул окуяны көргөн күбөлөр менен укук коргоо органдарына алып барсак да болот. Бирок аны көргөн жүргүнчүлөр дагы биз менен барып күбө болгусу келбейт. Ошондуктан көбүнчө айтылбай калат. Андан сырткары, чөнтөкчүлөргө жардам берген колдоочулары (крышалары) да болот экен, – дейт ал.

## Оңой жол менен акча тапканга көнгөн

Уурулукка 22–27 жашка чейинки жаш жигиттер барат. Буларднын көбү жумушу жок, үй-бүлөнү багыш керек дегенди шылтоо кылышат. Чөнтөкчүлүк өзгөчө күз мезгилинен баштап, жаз мезгилине чейин көп катталарын билдирген Бишкек шаарынын Ленин райондук ички иштер бөлүмүнүн ыкчам тобунда эмгектенген **милициянын капитаны Исмаилов Улан Рысбекович** уурулар кандай жол менен иштээрин төмөнкүчө айтып берди:

– Чөнтөк уурулугу көбүнчө окуу убагында башталат. Мисалы, окуу убагында маршруттук таксилерде эртең мененки саат 7ден 8:30га чейин, кечки 6-7лерде катуу иштешет. Жабырлануучу бир нерсесин алдырганын маршруттук таксиден түшкөндөн кийин билет. Бул боюнча бизде күндө профилактикалык жумуштар болуп, атайын топ бөлүнгөн. Бул топто 3 бала эртең менен уурулукка шектүүлөрдүн фото-роботун алып ишке киришет.



Ууруну иш үстүндө кармоо өтө оор. Кармаган күндө деле алар мойнуна албайт. Көбүнчө алардын манжа издери аркылуу табылат. Ал эми кымбат телефондорго келсек, айфондордогу айклауд деген нерсе чечилбесе, телефон иштебей, биз да көрө албайбыз. Эгерде уурдалган телефон колдонулуп, андан бирөөгө байланыш болсо ошол аркылуу тапса болот. Айклауду чечилбей калган телефондор бөлүк-бөлүк болуп чачырап сатылып кетет. Бүтүн бойдон сатылган телефон ишке киргенден кийин 20 күндө тапса болот. Негизи табылбай калган учур да кездешет. Бизге мүлкү жоголгон 10 киши кайрылса, анын жок дегенде 50 пайызы табылат. Ууруну кармоо өзүнчө түйшүк. Анткени ууруга иш козголуп, соттун санкциясы чыгып, прокуратуранын уруксатын алганча толук 1 ай кетет. Беш-Сары, Ош базарында ууру кармай турган атайын оперлер бар. Ал жерде шектүүлөрдү, мурун соттолгондорду карайбыз. Чөнтөкчүлүк менен кармалгандар 3–5 жылга чейин соттолот. Бизде эң эле көпкө соттолгону 20–25 жылды түзөт. Алардын көбү "Үй-бүлөнү багыш керек, башка жумуш жок" деп шылтоолошот. Чөнтөкчүлүк күздөн баштап, жазга чейин күчөйт. Жайдын күнү чөнтөкчүлөр базарда жүрөт. Маршруттук таксинин айдоочусу ууруну көрөр замат кармап, эч кимди чыгарбай туруп жакын жерде жайгашкан милициялык пунктка күбөлөрдүн көзүнчө салып берсе жакшы болмок. Ууру урдаганын эч убакта мойнуна албайт. Ал уурдаган нерсесин да ыргытып жиберип "Меники эмес, көргөн жокмун, уккан жокмун" деп туруп алат. Албетте, арасында "Мен өз күнөөм үчүн отурдум. Бул жолго кайра барбайм" дегендер да бар. Бирок канткен күндө да ууруну изин суутпай кармоо – кыйын иш.

## Уурулуктуу оор кылмыш кылсак, мындан оор кылмышты эмне кылабыз?

Биздин мамлекетте чөнтөкчүлүк, уурулук кылмышы боюнча жазык кодексинде 3 жылдан 5 жылга чейинки эле жаза көрсөтүлгөн. Балким уурулардын азайбай жатышы да ушундан улам болуп жүргөндүр. Себеби, ууру кылган адам ашып кетсе 5 жыл отуруп чыгарын билип, ошого жараша иш кылат. Бирок, бул көрүнүш өнүккөн өлкөлөрдө башкача. Аларда уурулук кылуу чоң күнөө катары саналып, катуу жазаланат экен. Анткени менен белгилүү **укук коргоочу Клара Сооронкулова** уурулуктун жазасын күчөтпөө туура экенин төмөнкүдөй билдирди:



– Азыр жаңы жаза кодекси киргизилип жатат. Ошол кодекс боюнча кароо керек. Уурулук уюшкан топ менен болгонбу? деген да жагы бар. Сотто ошого карата жаза колдонулат. Чынында уурулук фактысы анча оор эмес кылмыш болгондуктан, 5 жылдан жогору жаза берилбейт. Муну батыш өлкөлөрүнө салыштырууга болбойт. Анткени аларда жеке менчикке багытталган кылмыш оор кылмыш болуп эсептелет. Жеке менчик түшүнүгүн биздин түшүнүгүбүзгө салыштырмалуу башкача кабыл алышат. Биз уурулукту оор кылмыш десек, анда андан оор кылмышты эмне кылабыз? Чөнтөкчүлөрдүн баарына бирдей жаза колдонуу керек деген да туура эмес. Сот өкүм чыгарарда иштин ар кандай шарттарын, кылмышкердин ишаракеттерин, социалдык абалын, мурун кылмышка барганбы, кылмышка барууга эмне түрткөн деген нерселер да каралат. Ал эми кылмыш классификациясы жагынан карасак бул туура эле болуп эсептелинет. Анткени жазага карата кылмыштар жеңил, оор, өтө оор болуп бөлүнөт. Уурулукту оор кылмыш десек, мындан оор кылмышты эмне кылабыз?

Чөнтөкчүлөр Кыргызстанда эле эмес, дүйнө жүзүндө да толтура. Айтылуу маселе менен алар кантип күрөшөрүн бир аз көз чаптырып кетсек.

- Орусияда уурулук фактысы менен кармалган жаран 180 миң сомдон 200 миң сомго чейин айыппул төлөйт. Болбосо бир жылдан беш жылга чейин эркинен ажыратылат.
- Жапонияда уурулук кылган адам сүргүнгө айдалат. Эгерде уурулук кылуу менен бирге адам өлтүрүүгө аракет кылса, андан анын башы алынат. Бир эле адам үч жолу уурулук фактысы менен кармалса, ал өлүм жазасына тартылат.
- Германияда бирөөнүн кийимин же башка буюмун уурдаган адам айыппул төлөйт, же болбосо 3 айдан 10 жылга чейин эркинен ажыратылат.
- Ал эми Түркияда чөнтөкчүлөр 2 жылдан 5 жылга чейин эркинен ажыратылат.

Адам келечегин карап жашайт дешет. Ал эми уурунун арты кууш, келечеги жок экени белгилүү. Анткени менен тынч жашоонун өзү да чоң дөөлөт эмеспи. Бирөөнүн тапкан кызылдай акчасын арам жол менен уурдагандан көрө, өз мээнетиң менен табуу алда канча жакшы эмеспи.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



# Дүйнө жаштарын күткөн келечек

Мусулмандардын төртүнчү башкаруучусу Али ибн Абу-Талибдин «Балдарыңарды өзүңөрдүн эмес, алардын дооруна жараша даярдагыла» деген сөзү бар. Учурдун мусулмандары жаш муунун келечектин талабына ылайыктуу даярдагандай деңгээлде болбогону өкүндүрөт. Эмесе биз, балдарыбыз жана келечек жөнүндө...

## Ийгилик каталардын натыйжасы

Ар бир адамдын, же белгилүү инсандын ийгилиги деп таанылган нерсе – балким анын беш жүз катасынын бирөөсүдүр. Ошол эле Эйнштейндин миңге чукул тажрыйбасы ката чыкса, миңинчиси ийгиликке жеткирген. Ньютондун да беш жүзгө чукул тажрыйбасы туура эмес жыйынтык берген соң гана ийгиликке жеткени катары тарыхта калган. Биз ийгиликтүү деп билген адамдын баары ошондой. Демек, ката кетирүүдөн чочубаш керек. Бирок катаны ката деп билген соң, аны эч качан кайталабоо да негизги шарт.

## Союзду сагынгандардан акча жасаса болот

Барыбызга таанымал "Google" корпорациясында иштеген эки кыргыз жигит жакында Кыргызстанга келип, курдаштарына "Кыргызстанга туризмди өнүктүрүү боюнча эмне сунуштайсыңар" деген суроо менен иш-чара уюштурган. Натыйжада алар конкреттүү бир долбоор кабыл алмайынча тарабайбыз деп макулдашат. Талкуудан мурун катышуучуларга "Мен сунуштаган долбоор ката болуп калат. Ал ишке ашпашы мүмкүн, же бул долбоорго жеткидей акча табылбайт го деген ойдон алыс болгула" деген шарттар коюлат. Бул адаттагыдан башкача ойлонууга ташталган чакырык дегендин өзү. Натыйжада, "Советтер Союзунун доорун чагылдырган айыл курулса, турист тартууга болот" деген ойго токтолушат. Мындай айылга дүйнөнүн да, коңшу мамлекеттердин эли да кызыгат деген ойго келишкен.

## Каршы пикир ойду байытат

Биз долбоор катары сунуштап жаткан нерселерибизди чынжырча же тепкич катары кабыл алып, ошого жараша ойлонушубуз керек. Мисалы, тамак жасоону алсак, даярдоосунан бышканга чейинки бардык азыктары менен татымдарын бир бүтүндүк катары кароо коюлган максатка ылайык болот. Экономикасы туруктуу өнүккөн өлкөлөрдө да ушундай ой жүгүртүү бар. Максатка жетүүдө бир багыттын, же бир эле тараптын пикирин албай, баарынын оюн угуп, каршы пикирлер менен да таанышып көргөн соң чечим кабыл алынат. Балдарыбызга башка бирөөнүн оюн сыйлап, түрдүү пикирлер менен баюуну үйрөтпөсөк, алардын келечегине балта чапкан болобуз.

## Тез өзгөргөн доорго даяр болуу

Ысырап кылбоонун, ар бир нерсени өз убагында жасоонун, керек болсо тууган жана жорожолдош менен мамиле түзүүнүн технологиясын иштеп чыгыш керек. Келечекте мамиле түзүү боюнча адис деген документ берилиши керек. Азыр ушундай доор келе жатат. Келечек доорго даяр болушу үчүн азыркы доорду жакшы талдап алышыбыз зарыл. Бир аалым "Учурдагы дүйнөнү окуй алган коом келечектин сөз ээси болот" деп айткан. Буга чейин доор бир канча кылымда, же бир кылымда өзгөрсө, учурдун бир доору жети жылдык эле болуп калды деген жоромолдор бар. Демек, келечек доордун мөөнөтү мындан да кыска болушу мүмкүн. Демек, балдарыбыз бардык нерсенин тез өзгөрүшүнө даяр болушу керек.

## Күчтүү технология кызматташуудан гана чыгат

Кандай иш курулбасын, аны жетектеген соң өз кардарынын талабын окуй билиш керек. Окуп эле тим болбой, ал каалаган нерсени өзү толук ойлоп бүтө электе даяр кылышыбыз зарыл. Мисалы, интернетке кирип "Google" издөө системасына бир-эки тамга жазганыбызда эле биз ойлогон нерсени түрдүү варианттары чыгып калат. Биз бир жыл мурун Абу-Дабидеги Нью-Йорк университетине барсак, ал жерде бирөө беш алты сөөлжан менен эксперимент кылып атыптыр. Быйыл барсак деле ошолорду кыйнап атат. Анан биз ушу да илимий ишпи? дегенсип күлсөк: "Бул 2020-жылы сатыкка чыкчу айфон менен планшеттерге тиркелчү өзгөчөлүктүн башталышы", – дейт. Көрсө, ал изилдөөнүн натыйжасы менен ар бир адам өз колундагы телефонго өзүнүн бир тамчы шилекейин, көз жашын, же канын сүйкөсө, ошол адамдын жалпы ден-соолугу, кандай тамак пайдалуу, кайсынысы зыян экени, келечекте пайда боло турган оорусу, анын алдын алуу үчүн эмне кылыш керек экени жана кала берсе ушул жүрүш менен жашай берсе канчанчы жылы көз жумары бүт эсептелип чыгат экен. Учурда ушундай телефон даярдаш үчүн дүйнөнүн эң күчтүү он университети кызматташып атыптыр. А жанагы биз теңибизге албай жүргөн сөөлжандарды изилдөө бул иштин ондон бири эле экен.

## Ката маалымат менен келечек курулбайт

Дүйнөдө болуп жаткан нерселер тууралуу кабардар болуш үчүн көп окуш керек. Эч нерсе окубай туруп башка бирөөдөн туура эмес кабар алып алсаң, жолуңан адашасың. Учурда биздин мектептерде тымтыракайы чыгып, сызга отурган Совет доорунун китептери дагы эле окутулуп жатат. Мүмкүн алардын мектепте болгонунан көрө болбогону артык болуп жүрбөсүн. Интернеттеги "Facebook" жана башка коомдук тармактардан алынган нерселер маалымат эмес, алар элди алаксыткан кабарлар менен ушактар гана. Биз керектүү маалыматты китептерден окуп, атомуна чейин жиликтеңенге аракет кылышыбыз керек. Башка бирөөлөр даярдап берген нерсени окубай, бардык маалыматты терең изилдеп, ошого жараша чечим чыгарганды үйрөнүш керек.

## Адам билгенине жараша таасир бере алат

Бир адам жалаң "үч" деген баага толгон беш диплому менен "Менин беш кесибим бар" дегени барып турган жалганчылык болбосо да, чындыкка коошо бербеген нерсе десек болот. Эгер ал кайсы бир ишке орношо турган болсо, аны нукка салып кете албайт. Ал чектелүү маалыматка таянат. Ошол маалыматынчалык башчылык кылып, маалыматынчалык башкаларды жетелеп, маалыматынчалык башкаларга таасир бере алат.

## Диплом эки жылдан кийин күчүн жоготот

Биз жаңы муунга маалымат сатууну үйрөтүшүбүз керек. Мен сага муну үйрөтөйүн, саатына мынча сом бересиң дегенди билишсин. Ал үчүн кардарга керектүү маалыматка ээ болуу керек. Учурда "Биз сабак беребиз, бир нерсе үйрөтөбүз" деген адамдар бизден он эсе көп маалыматка ээ болушу мүмкүн. Ал тек гана маданияттуулук менен улам бизди сыйлап жүрүшү мүмкүн.

Учурда жогорку окуу жайдын диплому эки гана жылдык экенин далилдешти. Себеби, конкреттүү бир кесипте колдонулган технологиянын көбү эки жылда эле бир топ өзгөрүп кетүүдө. Мисалы, тиш доктурлар жарым жыл сайын жаңы маалымат, жаңы материал жана жаңы технология боюнча семинарларга катышып турбаса, таптакыр аркада калып, атаандаштарына уттурушу мүмкүн. Эгер он эки жыл мурун окуу жайды бүткөн бойдон кесибибиз тууралуу бир да жаңы маалымат албасак, анда дипломубуз он жылга эскирип кетти дей берели.

## Робот сымал аскердин кереги эмне?

Кээ бир педагогдор он жетинчи кылымда калыптанган окуу системасы эскирген маалымат бергени аз келгенсип, бир типте ойлонгон адамдарды калыптандырат. Мектептер баланын ой жүгүртүүсүн басмырлайт, алардын аң-сезими жаңы эле кызмат өтөп келген аскердей болуп калат дегендер бар. Бул пикир акыйкат менен толук коошпосо да туура тарабы бар. Кээ бир өлкөнүн аскерлери сыртынан шумдук кыйын көрүнөт. Мисалы, Советтер Союзунун аскери убагында дүйнөнү дүңгүрөтүп турган. Айрыкча, алардын марш тепкени элдин оозун ачырчу. Бир буйрук менен баары баштарын туптуура 37 градуска каратчу да ошол бойдон жөнөп калышчу. 40, же 36 дагы эмес, туптуура 37 градус. Буттар болсо кудум механизмдей тегиз шилтенет. Көрсө, бир жылда 365 күн болсо 365 күн бою алты сааттан марш тепкен адам албетте, көнөт экен да. А бул эмнеге жасалчу, балким алар башка эч нерсени ойлобосун, ушуну гана билип эле жүрө берсин дегенидир. Бирок бизге өз пикири болбогон, болсо да аны ачык айта албаган жаштар керек эмес да. Тетирисинче, жашоодо өз орду бар муунду тарбиялашыбыз керек.

## Мугалимдер дайыма окушу керек

Балдарыбызды окута турган мугалимдер дайыма өзүн жаңылаганды билиши керек. Балдардын убактысын текке кетирип, алардын келечегине балта чаап койбойлу десек, жаңы маалыматка дайыма жуурулуп турган мугалим болуубуз зарыл. Эмне үчүн күчтүү философтор, улуу аалымдар XVII кылымга чейин гана чыгып, кийин майдаланып кеткен. Кээ бир аналитиктер андан кийинки окуу системасы орточо адамды чыгарууга багытталып калган дешет. Алдыга чыкканды төбөгө чаап, артта калганды шыйракка чаап тегиздеп турган педагогика калыптанган. Ошондуктан өз алдынча ой жүгүрткөн, эркин чечим чыгарып, ошонун жоопкерчилигин сезе билген адамдар жокко эсе болуп калган. Бирок, келечек мунун тетирисин талап кылууда. Демек, ага эң биринчи кезекте өзүбүз даяр болуп, анан келечек муунду да ошого жараша тарбиялоо учурдун талабы болуп турат.

АЛТЫН МУУН
аналитикалык тобу

# Кыргыз элитасы колониалдык аң-сезимден чыгалбай келет

Бизге буга чейин жетекчилик кылып, көзөмөлгө алгысы келгендер кетирген катасы үчүн жооп береби? Биз аларга туура эмес кылганын «Туура эмес кылдың» деп айта алабызбы? Балким жаңы мүмкүнчүлүктөр, жаңы долбоорлор, жаңы жолдор менен иштешчү убак келгендир? Эмесе, төмөнкү макалага бир көз чаптырып көрүңүзчү, окурман...

## Эки империянын чек арасы болдук

Дүйнөлүк адистер биздин Бурана менен Таш-Рабаттын архитектурасы Самарканддыкынан жогору турат дешет. Себеби, кийин курулган Самарканд катардагы кишинин көзүнө жагымдуу жана кызыктуу көрүнгөнү менен илим жана тарых жагынан алганда Таш-Рабат өз доорундагы адамдардын маданиятынын, курулуштагы жетишкендиктеринин үлгүсү. Ошол мезгилдерди алып карасак, Кыргызстандын аймагында өнүккөн цивилизациялар биз бүгүн тааныбай калган, алыстап кеткен жерлер менен бардык жагынан байланышып турушкан. Кийин эле, тилекке каршы, орус империясы менен кытай империясынын салгылашуусу бизди туюкка кептеп койду. Биз алардын кааласа ачып, кааласа жаап койгон дарбазасы болуп калдык. Мындайча айтканда, чек арасы болдук.

## Темир жол туңгуюгундабыз

Эгемендүүлүк алган жылдан баштап соода жана туризм тармагында көбүрөөк пайда көрө баштадык. 25 жылдан бери көп долбоорлор жүргүзүлдү. Эң биринчи байыркы Жибек-Жолун жандантып Кытай, Афганистан, Индия жана Пакистанды кошуу боюнча кургактагы жолдорду салууну айтсак болот. Бул жолдор товарларды океандан океанга жеткизүү максатында курулган. Эгемендүүлүк алгандан бери сунушталган темир жолдорду да сөзсүз эске алышыбыз керек. Биздин темир жолубуз тээ башынан бери эле Москвага барчу жана Москва аркылуу гана башка жакка кетчү. Москванын жолу эң алыс дегенде Финляндияга чейин жетет. Рельс айырмалыгы бар болгондуктан андан нары кетпейт. Ал эми Азия тарапта салынган темир жолдор Индиядан Кытайга чейин кошулуп келип, биздин аймакка келгенде кошулбай калат. Мындайча айтканда, биз темир жол туңгуюгундабыз. Бул биздин эң чоң кемчилигибиз. Эгер ушул жолго кошулуп алсак, чоң жетишкендикке жеткен болот элек.

## Төрт компания жем жеген акырын бербей келет

Бизге жүк ташуу жаатында эркин жана чектөөсүз чоң долбоорлор түшкөн. Ал азыр деле иштетилип атат. Бир аз кемчиликтери бар, бирок аракет кылса алар деле чечилип кетчүдөй. Бүгүнкү күнү чечилбей турган маселебиз бул аба жолу. Ушул айтылып аткан кемчиликтердин бардыгын акылмандуулук менен чечсек болот. Эгер "ачык асман" саясатын жарыяласак, бизге ар тараптан авиакомпаниялар келмек. Бул жерге келгендерге үчүнчү тарапка жүк жана жүргүнчү менен кете берүүсүнө уруксат берсек, көп кемчиликтерибиз жоюлуп, коңшуларга жана албетте, өзүбүзгө да пайда келтирет элек. Бирок биз бирөөнүн



оозун карап чечим чыгарган колониялык аң-сезимден жана бюрократиянын туткунунан чыкпай жатабыз. Коррупцияга алдырып, элдин кызыкчылыгын коррупциянын кызыкчылыгына алмаштырып атабыз. Бул жерде монополдук кылып алган 4 авиакомпания бар. Алар өздөрүнүн ордун бербей "Мындан биз гана пайдаланабыз" деп жатышат. Биз ачык асман саясатын жарыялап койсок, көп каражат коротпой учуп келгендер көбөйүп, анын арты менен көп пайда көрөт элек. 100 миңдеген жумуш оруңдары ачылып, аз убакыттын ичинде башка мамлекеттерге жүктөрүбүздү ташып турмакпыз. Биз ушул кызматташуугa жетсек, тегеректеги бардык өлкөлөргө пайдабыз тиймек.

## Заманбап кызматташууну үйрөнөлү

Бүгүнкү күндөгү өтө актуалдуу нерсе – коңшу өлкөлөр ортосундагы интернет байланышы. Азыр бизге интернет Орусия менен Казакстандан келет. Мына акыркы күндөрү казактар аны да төрт эсе кымбаттатты. Бул биринчиден, ар бир адамдын чөнтөгүнө оорчулук келтирет. Экинчиден, биздин маалымат алуу мүмкүнчүлүгүбүздү чектеп атат. Азыркы учурда өлкөлөр колониялык режимден жаңы чыккандыктан, бири-бирине атандашуу көбүрөөк. Мындай жол менен ар бир өлкөнүн бийлиги утуп алышы мүмкүн, бирок бул кыска мөөнөттүк утуш. Эгер биз заманбап деңгээлде кызматташууну үйрөнө алсак, анда коңшу өлкөлөр да сөзсүз утмак. Бирок буга акылмандык керек болуп жатат. Тегерегибиздеги империялардын атаандашуусунун натыйжасында биз бөлүнүп турабыз. Анткени алар бөлүп алып башкаруу саясатын жүргүзүп атат. Мисалы, бизге кожоюн болуп турган Орусияны байкасак, алар сөз түрүндө дагы, иш түрүндө дагы акыркы 26 жылдан бери эч көмөк кылган эмес. Болгону өздөрү үстөмдүк кылган уюмдарга гана тартып турушат. Мисалы, Бажы биримдиги менен Евразиялык экономикалык биримдигин айтсак болот. Бирок алары деле толук баш кошо албай атат. Анткени ал жерде өздөрүнүн монополдук кызыкчылыгы оркоюп көрүнүп эле турат. Ал тургай ал биримдиктерди өздөрүнүн адистери деле орус дүйнөсүнүн концепциясы деп айтышат.

## Орус империясы дагы деле контролун жогото элек

Азыр Түркия Борбор Азиядагы түрк элдерин бириктиребиз дегени менен анын кээ бир этияттоочу жерлери да бар. Анткени алар биздин башыбызды кошууга аракет кылганы менен кээ бир учурда биздин гана көзөмөлүбүздө болуп, бизди ээрчип гана жүрсө деген тилеги да байкалат. Экинчиден, түрк элин кошуу аракети аркылуу бизди абдан керектүү кошуналарыбыз Индиядан, Кытайдан суутуп коюушу мүмкүн. Ошон үчүн биз өз кызыкчылыктарыбызды көздөшүбүз керек. Алардын пайдалуу жактарын сөзсүз түрдө кабыл алалы, бирок эч нерседен чектелбейли. Мына 100дөгөн жылдардан бери чектелип отуруп көптөгөн жоготууларга дуушар болдук. Азыр биздин шаарлардагы өнүккөн көп нерселер Кытайдын жаңы экономикалык өнүгүүсү аркылуу жукканы статистика аркылуу тастыкталып атат. Ошол пайданы колдон чыгарбашыбыз керек. Ошон үчүн бүгүнкү күнү баарыбызга түшүнүктүү кызматташууну сунуштап, Борбор Азия өлкөлөрүнүн башын кошкон Америка саясатынын пайдасын көрүп калууга умтулушубуз керек. Бизге данакерлик аракети менен ачык, калыс шарт түзгөн модератор керек эле. Азыр кээ бирөө ушундай модератор болуп берем деп сунуштап атат. Коңшу өлкөлөрдөн кол үзбөй туруп, дипломатиялык аракеттерибизди өнүктүрүп алууга саясий эркибизди жумшообуз керек.

## Жаманды жаман дегенден коркобуз

Мурдагы саясатыбыздын ээси орус империясы дале болсо таасирин жогото элек. Ошол үстөмдүгүн жоготпой турган кезде булардын кылган иштеринин натыйжасын да ошол жактан издеш керек. Алардын кайсы саясаты ушундай натыйжага алып келип атат? Ким көзөмөлдөп, ким үстөмдүк кылып турса, ошолордун ишинин катасы деп тааныш керек. А биз анын жакшы жактарын апыртып айтып пропаганда кылабыз. Ал эми бизге жакпаган, же зыян келтирген жактарын кеп кылгандан коркобуз. Анткени жалтак болуп калганбыз. XVI кылымга чейин эле жоготуу менен кошулганбыз. Аны дагы тарых тастыктай элек. 1916-жылы, андан кийин 1917-жылы жалкканбыз. Деги эле 50-жылга чейин өтө көп куугунттуктоолор болгон, көп репрессиялар болгон. Анын баары ачык жарыялана элек. Факт катары моюнга алына элек. Ошондуктан биз ошол доордон чыга элекпиз дегендер бар. Эгер биз ушуну аңдай алсак, анда андан чыгуу жолдорун таба алабыз. Куугунтуктагандарга көмөк кылып, куугунтуктоосуна жол ачып берип койсок, башыбыздан өткөн тажрыйба бизге сабак катары жукпаса, биз анын пайдасын таба албай дале болсо байланган акырга кайрыла беребиз да. Кайсы жерге көндүрүп койсо ошол жакка бурулуп кете беребиз.

## Чыккан күнгө парда тартабыз

Америкада жайгашкан илимий жана окутуучу борборлордун, мисалы Гарвардка окшогондордун изилдөө борборлору көп жерди бизге караганда көбүрөөк тааныйт. Алар өзүнүн илимий дэңгээлине жараша кай бир мисалдарды биз түшүнбөгөн деңгээлде түшүнүшү мүмкүн. Буга курулай намыстануунун кереги жок. Алардын биздин жерибизге келип курган үйү, биз курган үйлөрдөн да мыкты болуп калышы мүмкүн. Керек болсо, алардын 50 жыл мурда курган үйүн кура алабызбы, бул дагы күмөн. Алар Бишкекте эң жакшы деген технологиялар менен 2 бийик имарат тургузушту. Алар биз пайдаланган нерселерди бизден мыкты жасашы мүмкүн. Чыккан күндү көрмөксөн болуп парданы жаап салгандай болбой, алардын изилдөөлөрүн көрүп, тааныганга аракет кылалы.

# Америка Борбор Азиянын министрлерин эмнеге чогултту?

Өткөн жумада Америка Кошмо Штаттарынын мамлекеттик катчысы Жон Керри «S 5+1» деп аталган форматта Борбор Азия менен Казакстандын тышкы иштер министирлерин Вашингтондо жыйнады. «Америка бул чөлкөмгө сууп калды» дегендер бул окуя тууралуу унчукпай коюуну чечти



## S 5+1 формуласынын түшүндүрмөсү

Бир караганда чын эле математикалык теңдемеге окшогон S5+1 мамлекеттеринин орток кызыкчылыктары бар десек болот. Убагында орток бир тилде сүйлөгөн, орток дини бар жана тыгыз карым-катнашта болгон чөлкөмдүн биригүү потенциалы жок эмес. Ал мүмкүнчүлүктөрдүн эң негизгиси – карапайым элдин кандай кыйынчылык жана сыноолор болбосун, карым-катнашын токтотпой келгени деп белгиленген. Жогорку саясий бийликтегилердин тирешүүсүнө карабай, эл алакасын үзгөн эмес. Бул аймактын кайсыл гана ири базарына барба аталган чөлкөмдө жашаган бардык улуттун өкүлүн кезиктирсең болот. Экинчи фактор бул бир улутту улуу деп, анын этегин кармап келген элитанын ордуна дүйнөнүн туш тарабын көрүп, бардык эл менен кызматташууга даяр жаштардын келе баштаганы. Бул биз ойлогондой бийлик менен гана чектелбей, эң биринчи кезекте маданият жана искусство, илим менен технология, спорт жана экономика жаатында бүт дүйнө менен кызматташууга ачык муундун келиши дегендик. Дал ушул муун ар кимдин көзүн карап иш кылган саясий элитаны буга чейин душман катары сүрөттөлүп келген өлкө менен кызматташууга түртүүдө. Геосаясий деңгээлде каралганда буга чейин үстөмдүк кылып келген империялардын алсырашы менен майда өлкөлөрдүн жандануусу башталды. Мындай чакан өлкөлөр глобалдашып бара жаткан дүйнөдө кызматташуу аркылуу гана пайда таба алышат.

"Душман өлкө ким" деген суроого келсек, ал биринчиден эң күчтүү экономикалык держава. Президент Барак Обама айткандай, андан кийин турган сегиз мамлекеттин экономикасы бириксе АКШнын экономикасына араң жетет. Бул өлкө Советтер Союзу тараган 25 жылдан бери саясатчылары алмашса да, чөлкөмдөгү саясатын өзгөртпөй иштеп келди. Ал эң жай жетилген, бирок эң туруктуу болгон адам ресурстарына иштеди. Акыры анын адам укугу, жеке менчик кол тийбестиги, эркин базар экономикасы сыяктуу либералдык баалуулуктарды колдогон саясаты үстөмдүк кыла баштады. Ошентип АКШ бул аймактагы беш өлкөнүн биригип, өз кызыкчылыктарын көздөөсүн колдоп, аларга кепилдик бере алган мамлекеттердин сап башына келди.

## Кыртышыбыз сүйбөгөн АКШга эмнеге байланып калдык?

Буга чейин жарык көргөн макалабыздын биринде Түштүк Кытай деңизиндеги Малак кысыгы кандайдыр бир себеп менен жабылып калса, Борбор Азия жана Казакстан аркылуу өткөн кургак жолдор чоң мааниге ээ болот дегенбиз. Бул кысык дүйнөнүн эң көп калкы жашаган Кытай, Индия жана Индонезия жайгашкан Тынч жана Инд мухиттерин бириктирип турат. Андан жылына 50 миң соода кемеси өтөт. Мындан сырткары, дагы бир фактор негизги боло баштады. Буга чейин өндүрүлгөн товарлардын сатылчу жерине арзан жетүүсү атаандаштыктын негизги шарты болуп келген. Товар жана технология тез өзгөргөн азыркы учурда өндүрүмдүн арзан болушу менен бирге тез жетүүсү да өтө маанилүү боло баштады. Бүгүнкү күнү деңизге караганда темир жол же унаа жолдору аркылуу Кытайдан Европага бир нерсени 15-20 күн эрте жеткизсе болот. Ошондуктан буга чейин бул чөлкөмдө улуттук өзгөчөлүктөргө ойноп, бириндетүү саясатын жүргүзгөн мамлекеттин ордуна Борбор Азияда жайгашкан беш өлкөнү бириктирүү саясатын көздөгөн мамлекеттер үстөмдүк кыла баштады. Куралдуу күчтөрү жагынан кубаттуу жана тажрыйбалуу Орусия менен аталган беш өлкөгө чектеш жайгашкан Кытай бириктирүү демилгесин толугу менен жүктөнүп алуудан тайсалдап турат. Ошол эле убакта Борбор Азия жана Казакстан менен танапташ Индия жана Кытай үчүн кургактагы жолдор өтө маанилүү. Учурда бийлиги Африка менен Жакынкы Чыгыштын качкындарынан чочулаган, калкы улутчулдарга жан тартып турган Евробиримдик да беш өлкөнүн биригүүсүнө кепил боло албайт. Орус калкынын империялык, баскынчылык жана үстөмдүк сезимдерин козгоо жолу менен бийликте турган орус элитасы да S 5ке тең укуктуу кызматташууну суна албай келет.

## АКШ алдын ала билгенби?

S 5+1 мамлекеттери биринчи жолу быйтыр октябрдын аягында Өзбекстандын Самарканд шаарында чогуу болгон. Бул форматтагы жолугушуу Кыргызстандын Манас аэропортунда жайгашкан америкалык авиабазанын жабылганынан бир жыл өтпөй жана Евразиялык экономикалык биримдикке киргенибизден кийин ишке ашкан. Бир жыл өткөндөн кийин ЕАЭБге кирген мамлекеттердин ортосунда келишпестиктер көп экени көрүнө баштады. Жакында унаа жана темир жол аркылуу Казакстан менен Кыргызстанга келе жаткан жүздөгөн товарларды Орусия өткөрбөй койду. Ушундан улам эксперттер КМШ, ШКУ же КККУ сыяктуу орус бийлиги демилгелеген долбоорлор сыяктуу эле ЕАЭБ да Орусиянын үстөмдүгүн шарттайт деп божомолдошууда. Кезекте бул «бактылуулукка» талапкер болгон Тажикстан бийлиги да ЕАЭБге кирүүнүн анча зарылдыгы жок окшойт деген түргө өтүп алган.

Анда эмне S 5+1и жок эле бул аймакты интеграция кылуу мүмкүндүгүнө ээ көрүнгөн ЕАЭБдин аракети суу кечпей каларын АКШ алдын ала билгенби? Америка акыркы эки жылда Бишкекте эң үнөмдүү, уникалдуу эки имарат салды. АКШ элчилиги менен Борбор Азиядагы Америка университетинин (БААУ) жаңы имараты жергиликтүү шарттар колдонулуп, жылытуу жана салкындатууга эң аз кубат сарпталгандай кылып салынган. Мындай имаратты Кыргызстандын курулушчулары келерки элүү жылда да салышы кыйын. Демек, ЕАЭБ долбоору Борбор Азиянын беш өлкөсүн адилеттүү бириктире албасын АКШ алдын ала билгенине таң калбай эле койсо болот дейт серепчилер.

## Бул аймакка кызыкдар мамлекеттердин долбоорлору

Убагында Жибек Жолу биздин аймакты тепчип өтүп, аймак элдерин бири-бири менен бириктирип турган. Бул соода жана маданиятка бай күрөө тамыр толук кандуу иштеп турган кезде бул чөлкөмдүн эң заманбап идеясы, технологиясы жана куралдары иштелип чыккан. Жибек Жолунун атырабында жашаган элдер бул жаңылыктарын бүт адамзатка үйрөтүп, дүйнөдөгү атаандаштыкка чыдамдуу эң өнүккөн маданишттарды түптөгөн.

Бирок, S 5+1 форматы Орусиясыз чолок болуп тургансыйт. Орусия 1960-жылдардан ушул күнгө чейин Кытай менен Европаны бириктирген эң көп долбоорлорду демилгелеп, бир нечесин ишке ашырган. Ага Казакстан аркылуу өткөн «Транссиб» жана «Razvitie» темир жол долбоорлору кирет. Казакстанда текшерилбөө шарты менен Орусия жана Кытайды байланыштырган унаа менен жүк ташуу мерчеми быйыл биринчи жолу ишке ашты. Бирок орус бийлигинин өз көмөчүнө гана күл тартуусу башка өлкөлөрдүн бул долбоорлорго кызыгуусун суутуп келет.

Ушундан улам 1998-жылдын жай айларында АКШнын демилгеси менен Кавказ, Кара деңиз жана Борбор Азиянын он эки мамлекетин бириктирген TRACECA долбоору иштелип чыккан. Ал долбоордо Орусиянын аймагына кирбей Европаны Кытай жана Монголия аркылуу айланып өткөн темир, унаа, аба жана деңиз жолдору курулары каралган. Кытай демилгелеген Жаңы Жибек Жолу долбоору да аз-аздан жанданып келе жаткан учур. Кыскасы, Евразия аркылуу өтүүчү жолдорго кызыкдар болбогон бир дагы ири мамлекет жокко эсе.

## Кыргызстан жана Казакстандын орду

Казакстан географиялык жайгашуусу боюнча бул чөлкөмдү бириктирүү потенциалына ээ. S 5+1 фоматында да, ЕАЭБдин иштешинде да негизги орунду ээлеп келген мамлекет – Казакстан. Өткөн жумадагы АКШда өткөн S 5+1 өлкөлөрүнүн чогулушунан кийинки негизги билдирүүнү бул мамлекеттин тышкы иштер министри жасады. Евразияны бириктирүү демилгесин да СССР тараган жылы казак президенти Нурсултан Назарбаев көтөрүп чыккан.

Эми S 5+1 фоматынын Кыргызстан үчүн кандай пайдасы бар деген суроого келсек. Биз буга чейин жазып келгендей, биздин өлкөнүн атаандаштык артыкчылыгы деп базар экономикасына багытталган демократиялык башкаруусу, активдүү жарандык коому жана тажрыйбалуу калкы саналат. Биз мындай интеграцияга калктын саны, аянтыбыздын чоңдугу жана экономикалык күч тарабынан көп салым кошо албайбыз. Бирок кыймылдаткычты иштетип, унааны жылдырган генератор сыяктуу боло алабыз. Ошондуктан Казакстанда анын лидери Назарбаевдин демилгесин колдогон саясий элита сакталып калуусуна жана Борбор Азиянын башка мамлекеттеринде да ушундай биримдикти көксөгөн жетекчилер келүүсүнө кызыкдар болуубуз керек. Кызыкдар болуп эле кала бербей, элдик жана эксперттик дипломатия аркылуу буга аракет кылуубуз да зарыл.

# Индусбек Бөкөнбаев: “Рассвет” командасы кыргыздын намысын коргогон...

Көк бөрү жаңыдан жандана баштаган кезде түптөлгөн жана коңшу Казакстан, Өзбекстанга чейин барып оюн көргөзүп келген бирден-бир командалардын бири болгон “Рассвет” командасынын капитаны, кийинки “Кожомкул” командасынын машыктыруучусу Индусбек Бөкөнбаев агабыз ошол учурдагы жана азыркы көк бөрү тууралуу маек куруп берди

## “Рассветтен” “Кожомкулга” карай

“Рассвет” командасын 1995-жылы курамында ойногон балдар менен бирге негиздегенбиз. Команда “Рассвет” колхозунда эмгектенгендиктен атын да “Рассвет” деп атаганбыз. Команданын эң биринчи курамында мен, Найзабеков Нурбек, Бөкөнбаев Аман, Чаргынов Нурбек, Бөкөнбаев Нурсланбек, Мусабаев Темир, Койчукеев Мухаммед, Солтобаев Айбек, Абдылдаев Каныбектер ойногонбуз. “Рассвет” Военно-Антоновканын командасы. Биз ынтымактуу, бири-бирибизди түшүнгөн топтун катарын толуктачубуз. Ал кезде азыркыдай демөөрчү деген жок эле. Бизге атам эле колдоо көргөзчү. Баарыбыз колхоздо иштеп дайыма ат үстүндө жүргөндүктөн жана кара жумушту көп жасагандыктан азыркыдай атайын даярдыктан өтчү эмеспиз. Оюнга аз калганда, же эртең улак болот дегенде эле чогула калчубуз. Таймаштарда “Рассвет”, “Дордой”, “Манас-Талас” командалары үстөмдүк кылчу. Бир оюнда биз, кийинки оюнда “Манас-Талас”, дагы бир турнирде “Дордой” чемпион болор эле. “Рассвет” командасында эки ирет муун алмашты. Биз 2003-жылга чейин оюн көргөзүп, кийинчерээк жашыбызга карап спорттон кеттик. Андан сырткары, дагы эки балабыз кырсыктады. Ошону менен улакка көңүл чаппай жүрүп команданы таратып жибердик. Бир күнү азыркы “Талас” командасында ойноп жаткан Эшиев Карыпбек деген оюнчубуз кошунабыздын үйүнө келген экен. Кошунам “Инимди командаңа алчы” деп калды. Ошону менен кайрадан көк бөрүгө кайтып, жаш оюнчулар менен жаңы курам түптөдүк жана команданын атын “Кожомкул” деп өзгөрттүк. Кийин Солтобаев Айбек деген оюнчубуз азыркы атактуу Рустам Тыналиевди командага алып келди. “Кожомкул” командасынын акыркы муундары бүгүнкү көк бөрү жылдыздары Манас Ниязов, Рустам Тыналиевдер болушту.

## Атактуу аттар “Рассветтен” чыккан

“Рассвет” командасына эч ким ат алып берген эмес. Команданын аттары бүт өзүбүздүкү болчу. Мен өзүм жылкы сарайында иштечүмүн. Малчы болгондон кийин ар бирибиздин аттарыбыз бар да. Оюнга ошол аргымактар менен эле чыкчубуз. Убагында эң атактуу буудандар бизде болчу десем да болот. Себеби Лазер, Амадор деген эң күчтүү тулпарлар биздин командадан чыккан. Мен өзүм Мельбурд деген ак боз атты ойнотчумун. Мельбурд көп жылдар бою көк бөрүгө түштү. Улактан сырткары оодарышта бир канча балдарды чемпион кылды. Командада дагы Меркурий деген атактуу атыбыз бар эле. Кыргызстан боюнча эң көп улакка катышкан ат Меркурий болуп, картайганча көк бөрүгө чабылды. Азыр казак туугандар мактанып жүргөн Лазер да бизден чыккан. Ал азыр Азия боюнча күчтүү аргымак. Убагында бул атты акча керек болуп казак агайындарга сатканга туура келген. Өзүмдүн иним Бөкөнбаев Нурслан улакты жалгыз сол колу менен тартчу. Ал Карагер деген атты ойнотту. Эң биринчи жолу Койчукеев Мухаммедден 2 миң долларга Махло деген атты сатып алганбыз. 1998-жылы Ноорүздагы оюнда каршылашыбызга 5:2 эсебинде утулуп жатканбыз. Ошондо Койчукеев Мухаммед бизге жаңы кошулуп, өзүнүн Махлосу менен 4-5 улак салып жиберген. Ошондон кийин экөөнө Махло-Муха деген каймана ат коюлуп калды. Менин оюмча, Кыргызстандагы эң күчтүү көк бөрүчүлөр Койчукеев Мухаммед, Барпиев Нурлан болчу. Барпиев Нурлан улакты чаап баратып салып кеткен, буллитти мыкты аткарган улакчы деп эсептейм. Койчукеев Мухаммед универсал оюнчу болчу. Ал улакты эпчү, жулчу жана басчу. Ал эми учурдун мыкты улакчылары деп Манас Ниязов менен Рустам Тыналиевди айтсак болот.





## Рассветтин гүлдөп турган учуру

Көк бөрү 1995-жылга чейин мурдагы эреже менен өттү. Кийин Аскар Салымбеков, Болот Шамшиев, Темир Дүйшекеевдер жаңы эрежелерди иштеп чыгып, тайказанды ойлоп табышты. 1998-жылы Ноорузда биринчи жолу ат майданында тайказандын ачылышы өтүп, расмий түрдө клубдук системадагы жаңы эреже менен ойнотушкан. Мына ушул алгачкы турнирде биздин командабыз чемпион болду. 1996-жылы Алма-Атада өткөн Жамбылдын 175 жылдыгына барып 4-орунду алып келгенбиз. 1996-жылы күзүндө Байтик баатырдын маарекеси өтүп, мелдешке Кыргызстандагы эң алдыңкы командалар жана коңшу Казакстандын да көк бөрүчүлөрү келишкен. Бул маарекеде биздин команда чемпион болгон. Ушул оюндан кийин “Рассвет” командасы деп атыбыз чыккан. 1998-жылы Өзбекстандын Новои облусунда көк бөрү боюнча турнир өтүп, кураманы биз түптөп бардык. Бул жерден биздин команда кыргыздын намысын татыктуу коргоп, баш байгени олжолодук. Ал эми турнирдин эң мыкты бомбардири болгон Койчукеев Мухаммед деген оюнчубузга "Тико" автоунаасын беришкен. Андан кийин Президенттик кубокту алдык. 2001-жылы Таласта чоң турнир өтүп, биздин команда Волга автоунаасын утуп келгенбиз. 2002-жылы Алма-Атада өткөн чемпионатта Кыргызстандын атынан “Рассвет” командасын Болот Шерниязов өзү жетектеп барды. Ошондо да жеңишке жетип, дагы Волга автоунаасын утуп алганбыз. “Рассвет” жакшы жетишкендиктерди көргөзгөн команда. Анткени Өзбекстан, Казакстанга чейин барып оюн көргөзүп бир нече жолу чемпион болдук. Кийин “Кожомкул” болуп чыкканыбызда да Казакстанга 2 жыл барып оюн көргөзүп келдик. Мен ал кезде команданын машыктыруучусу болчумун.

## Команданын таркашы

Биздин команданын лидери Койчукеев Мухаммед болчу. Мухаммед 2003-жылы “Дордой” командасына кетти. Ошондон тартып биз начарлап кеттик. Жашыбыз да келип калды. Кийинчерээк улакчылар акчага кызыга баштады. Биз карапайым адамдарбыз, улакчыларга каражат төлөөгө чамабыз келген жок. Көк бөрүдө жүрүп үй-бүлөгө жаман көрүнгөн учурлар болду. Натыйжада, команданы андан ары кармап турууга каражат жетпей, таркатууга туура келди.

## Үй-бүлөбүз менен улакчыларбыз

Үй-бүлөдө 8 бир тууганбыз. Атам Бөкөнбаев Мамыркожо өмүр бою чабан болуп, 3 жолу депутаттыка шайланган киши. Атабыз убагында көк бөрү тартып, эң биринчи жолу “Эмгек сиңирген машыктыруучу” наамын алган. Биз да ата жолун жолдоп улакчы болдук. Үй-бүлөбүздөн мен жана инилерим Нурслан, Аман үчөөбүз көк бөрү тарттык. Учурда уулум Рамзат улак тартып жатат.

## Көк бөрү мамлекеттин колдоосуна муктаж

Казакстанда көк бөрүчүлөрдү мамлекет колдоп жатат. Улакчылардын өтүгүнөн баштап минген атына чейин өкмөт жардам берет экен. Бизде улакчылар негизинен Ноорузда, 9-майда анан эгемендик майрамында эле керек болбосо, башка учурда унутта калган.

## Эркин микрофон

Биз эң биринчи тайказан ойлоп чыгарып, алгачкылардан болуп командалык улактын заманбап эрежелерин иштеп чыкканбыз. Бул боюнча көк бөрүнү ирээтке келтирген Федерациянын мурдагы Президенти Болот Шерниязовго рахмат айтып, ыраазычылык билдиришибиз керек. Улакчыларыбыз акчага көп кызыкпай, өзүлөрүнүн баркын жоготпой намыс үчүн эр жигитче оюн көргөзүшөрүн каалап кетер элем. Келаткан Көчмөндөр оюнунда биринчи эле тилегим казак туугандарыбыз келсе экен. Биздин оюнчуларыбыз атаандаштарын татыктуу жеңип, дүйнө элине кыргыздын маданиятын, майтарылбас кайратын көрсөтүшүн каалайм.

РАХАТ АКМАТОВА

# Фейсбук конституцияны өзгөртүүгө каршы

Бул аптада фейсбук билермандары Баш мыйзамды өзгөртүү долбоору боюнча катуу дүрбөлөңгө түштү. Бирок референдумду колдогон киши азырынча интернет айдыңында дээрлик жокко эсе. Анан калса, мыйзам өзгөрүп атабы, өзгөрбөй атабы карапайым калкка баары бир эмеспи. Эл үчүн тынчтык жана токчулук керек. А эл башында отурган билермандар менен эл өкүлдөрү негедир башка иши жок калып, жолдор бут оңолуп, дыйкандар жыргап, балдар жалаң жакшы окуп калгансып мыйзамды өзгөртүү үчүн миллиондогон каражат коротуп дагы бир шайлоо өткөрүүгө шымалана киришти. Анан калса адистердин айтымында, бул өзгөрүүлөрдө кыйраткан эле жаңылык болсочу. Эмесе, эмненин кандай өзгөрөрү жана жаңы долбоор кандай жазылганы тууралуу убагында өз милдетин эң жакшы аткарган, мыйзамды жакшы билген эл өкүлү Аида Салянованын так ошол фейсбука чыгарган билдирүүсүн бир аз кыскартуу менен назарыңыздарга сунсак.





## Мындай долбоорду ныпым түшүнүгү жоктор жазат

Биз жаңылганды үйрөндүк, бирок аны оңдогонду үйрөнө алган жокпуз. Биз шерттешкенди үйрөндүк, бирок аны сактоону үйрөнө алган жокпуз. Баш мыйзамдын негизин кой, андагы жазылгандарды так сактоого жетише элекпиз.

Коомдук талкууга коюлган Конституцияга киргизилчү өзгөртүүлөр долбоору ушунчалык башаламан жана урдум-соктум чыгарылгандыктан, кандайдыр бир эксперттик талдоого деле татыбайт. Мындайда баарына кол шилтеп кайдыгер карап туруп алсак, анын залакасы барып-келип кайра эле бардыгыбызга тиет, ошондуктан кааласак-каалабасак да айла жок өзгөртүү долбооруна токтоло кетүү абзел.

Бийлик – биринчи иретте эч кимди кайталабаган "изи" бар эл. Мына ушул жагдайды эске алуу менен айрым өзгөртүүлөргө токтоло кетмекчимин...

1. Адатта мындай долбоорду мыйзам жазуу техникасынан ныпым түшүнүгү жок адамдар жазат. Конституция өлкөнүн негизги укуктук документи болгондуктан ал ачык, так, жөнөкөй жана таамай жазылышы керек. Текстте өзү түшүнүп алар дегендей туюк нерселер болбошу абзел (баалуулуктар тууралуу айтып жатам). Ар бир укуктун артында кимдир бирөөлөрдүн жоопкерчилиги турат. Аны окуган ар бир адам бул үчүн кандай жоопкерчилик тартарын так билиши зарыл.

2. Мыйзам долбоору конституциялык укук, парламентаризм, бийлик бөлүштүрүү жана аларды "чектөөчү жана теңдөөчү" иликтеген атайын илимден кабары жок адамдар тарабынан жазылган. Долбоордо эч кандай "чектөөчү" жагдайлары жок эле премьер-министрдин кызматын күчөтүшкөн. Долбоор президенттин бийлигин алсыратууга багытталган эмес. Бул жерде парламент менен сот бийлигин алсыратуу максаты коюлган. Эгер бул өзгөртүүлөр кабыл алынып кетсе, айрым мамлекеттик органдар ортосундагы карым-катнаштар саясий чогоолдук менен чайкоочулукка гана негизденип калат. Андай жагдай аз-аздан кыйроого гана алып келет.

3. Бул долбоор барып турган өзүм билемдик менен такыр эле акылга сыйбоочудай жазылган. Негизи Конституция эки учурда алмаштырылат:

1) коомчулук талап кылганда;
2) утурумдук кызыкчылыктар күчөп кеткенде.

Көбүнесе, экинчи жагдайда мыйзам алмашат. Себеби, коомго бийликтин ысык-суусу, президент менен парламенттин кубаттуулугу, өкмөттүн кантип түзүлөрү, ким кимдин алдында жооп берери анчалык деле маанилүү эмес. Адамга биринчи иретте өзүнүн айланасы, керт башынын мыйзам тарабынан кандай корголору маанилүү.

Сунуш кылынган мыйзам долбоору боюнча каржылык калбаат иштерге уруксатты жалгыз эле премьер-министр бербестен, президенттен да уруксат алуу көрсөтүлгөн. Долбоордун түшүндүрмө катында мунун негиздемеси берилген эмес. Бирок бул парламентти алсыздандыруунун эң өтүмдүү тизгини. Өкмөткө ишеним көрсөтпөө маселеси – кош миздүү курал. Аны аябай кысталыш чакта гана ишке киргизүү зарыл. Мына ушул мыйзам жол берген ыкма менен такай көз боёмочулукка жол ачылганы турат. Мунун парламентаризм менен эч кандай жалпылыгы жок.

Конституциялык палата өз бүтүмүн Президент жана Жогорку Кеңеш менен "макулдашуусу" – бул биздин өлкөдөгү конституционализмдин башка жерде кезикпеген "жаңылыгы". Андай алсыз Конституциялык палатаны түзүүнүн зарылдыгы барбы?

Парламенттин өкмөткө ишеним көрсөтпөөсү долбоордо эл өкүлдөрүнүн үчтөн экиси аркылуу деп көрсөтүлгөн. Долбоордун авторлору "Ооздуктоо жана каршы туруу" мына ушундай жөнөкөй математикалык алмашуу аркылуу ишке ашырууга чындап эле ишенип отурушабы?! Парламенттик демократия шартында ар бир өкмөт көпчүлүктүн ишенимине канчалык татыктуу болсо ошончо убакыт гана бийликте отура алат. Өкмөт парламент аркылуу шайланчу бийлик. Жаңы мыйзамчылардын сунушу менен өкмөткө ишеним көрсөтпөөгө парламенттин 2/3 добушу зарыл деш парламентаризмдин канондоруна каршы келет.

Соттордун иш тартиби менен уюштуруу маселелерин жөндөө мыйзамга улай чыкчу актылар деңгээлине түшүрүлгөн. Соттор мыйзамга улай чыкчу актыларды чыгарууга укугу жок болуп калган. Андай актыларды же президент, же өкмөт гана жарыялай алат. Бул сот системасына такай таасир көрсөтүп туруунун ыктуу жолу.

Албетте, ар бир Конституциянын кемтиги болот. Бирок алар өз көмөчүнө күл тарткан тар чөйрөдөгүлөрдүн кызыкчылыгына иштебеш керек. Анан калса, 2020-жылга чейин сөзсүз киргизилбесе болбой турган өзгөртүүлөрдү бул долбоордон таба албайсың.

Ушу тапта иштеп аткан Конституцияга Венеция комиссиясы берген бийик бааны башка бир да долбоор алган эмес. Болбосо Баш мыйзамды өзгөртүү долбоорлору бизде абдан эле көп болбодубу.

Демек, бүгүнкү күндө референдум өткөрүү үчүн укуктук негиз жок.

## Кыргыз-казак чегиндеги "туткундар"

Фейсбукта кайра-кайра талкууланып, бөлүшүлүп жаткан 2-окуя Казакстан чек ара бекетиндеги адам чыдагыс кырдаал тууралуу казак жаранынын жазганы болду. Анда Ысык-Көлгө эс алууга келип, кайра мекенине кетип бараткан кошуна элдин iskanderia аттуу тургуну өзү күбө болгон окуяны төмөндөгүдөй чагылдырган.

Башында Ысык-Көлгө барарымда эле мага чек арада кыйналарымды айтышкан. Түндүн бир оокумунда автобустан түшүп, бардык эмерек-кечемди көтөрүнүп алып чек арадан өтөрүмдү, текшерилеримди, нейтралдык аймактан жөөлүп өтөөрүмдү, какчыйган асфальтта отуруп бизди ташып келген автобустун өтүшүн күтөөрүмдү эскертишкен. Бирок, ал айтылгандар деле мени анча чочуткан эмес. Эмне көрбөй жүрүппүзбү андайды? Кошуна өлкөгө биринчи жолу барып аткабыз жок го.

Текшерүүдө чек арачылардын жаш балдарды бүтүндөй документтерин, ал тургай тээ чет өлкөгө чыкканда керектелчү атанын уруксат кагазына чейин көргөзгөнүнө карабай, чын эле өз баласыбы дегендей 10 мүнөт сыдыра карап текшергенин бири-бирибизге аргасыз жылмая карап өткөрдүк. Ооба, балага берилчү кошумча тиркеменин жоктугунан энесин караңгы түнгө карабай артка жиберген учурлар да болду. Андайда 50 доллар берсең жардам бере калам деген таксист чекеден табылат эмеспи. Кыскасы, баары баягыдай эле.

Кайра кайтканыбызда деле кайра эле баягы көрүнүш кайталанарын ойлоп тамашалашып келатканбыз. Бирок, абал биз ойлогондой болгон жок...

Кыргызстан менен Казакстандын чек арасында, биздин текшерүүчүлөр турган пунктка келген жерге да так ошондой туурасы бир жарым метрлик темир тор менен курчалган өткөөл орнотушуптур. Даана эле темир капастын өзү. Айбанат бакчасындагы жаныбарлардын капасы да андан кененирээк болсо керек. Тазараак дагы...

Кыргыздардын чек арасынан 15 мүнөттө өткөндөн кийин эле алдыбызда турган жык-жыйма адамга туш келдик. Элдер жанагы айтылган темир капаска тыгылып батканга аракет кылып жатышыптыр. Кимдир бирөө алдыга жулунду окшойт, ошол жерден чатак башталды. Кийин андай уруш-талаш биз турган 2 саатта тынымсыз болуп жатты. Өзүң дем алалбай, эч кайда жыла албай тыгылып араң турганда минтип айланаңдагы адамдардын мушташа кеткени кандай коркунучтуу. Аялдар менен балдар чыдабай жерге отура калып жатышат. Үрөйү учкан кош бойлуу аял эсин жоготуп бизди карай кулады. Аны кармай калышып жерге жаткыра турала десе бут койгудай орун жок. Же капастан сыртка чыгара албайсың. Алдыда 20 метрдей тыгылыш, арттан болсо каптап, жөөлөп эле кирип жатышат. Кимдир бирөө суу берди эле жанагы аялдын бетине чачып, өзүбүз жанагыдан да тыгылыша калып тигини чемоданынын үстүнө отургуздук. Бир аз дем алсын дедик бечараны. А тигинде тырылдап ыйлап аткан балдар тууралуу жазып деле кереги жок. Кокус атка минерлер дагы эле чек арада баары сонун, бардык шарттар түзүлгөн деп актанып кетишеби деп сүрөткө да тартып алдым.

Ушундан улам суроо туулат: деги бул тордолгон өткөөл эмне үчүн орнотулган? Адамдарды сындырыш үчүнбү? Кыргызстанга баргысы келгендерди биротоло иренжитүү үчүнбү? Же чек арада иштегендердин ээн-эркин, бейкапар басып жүргөнүн капаста тыгылып жатып алайган көздөрүбүз менен карап туруш үчүнбү? А балким, дагы кандайдыр себептери бардыр?

# Үркүндө дайынсыз жоголгон атага кат...

Арыбаңыз, Кайып ата!

Ата, мен бул катты айласыздан жаздым. Кээде аргасыз, "1916-жыл болбосо балким, бардыгы башкача болмок беле?" деген ойго жетеленем. Сиз, орус падышачылыгынын зулумуна кабылып, калың журт менен Кытайга качтыңыз. Кары-жаш, бала-чака дебей, канчалаганы кырылды. Канчасы жанын сактайм деп кандуу жолдо мерт кетип, сөөгү көмүлбөй калды.

100 жыл өттү. Бирок жан дүйнөнү азапка салган жообу жок суроолор арбын. Айтчы ата, кырылган кыргыздын убалы кимде? Боордошторум бир чыны талкан, бир кап унга сатылып, ар намысыбыз тебеленгенин эмнеге жашырабыз? Силердин элесиңер улуттук деңгээлде эскерүүгө арзыбайбы? Эмнеге биз 1916 дегенде эле актанып, шылтоо издеп, күнөөлүүлөргө тике карабайбыз? Кечирим сура дегенге жүрөк жетпейби, тил кыскабы? Урдум кечиримин... Аталардын арбагын сыйлап, бала-бакырабыз менен бир саамга тунжурап эскерип коюу тарых алдында, "кожоюн" көзүндө кыянаттыкпы? Же биз эмне, эс-тутуму жок маңкуртпузбу, же улуттук аң-сезимди колонизаторлордун жугундусу менен кошо жутуп алдыкпы?

Андан бери 100 жыл өттү. Биз өзгөргөн деле жокпуз. Мурун билбейм, бирок ошондон бери жалтактап бирөөнүн көзүн карап калдык. Башчыларыңар силерди бириктирип, сактап кала албай кыргынга учуратса, азыр деле журттун башы бирикпей келет. Дагы деле уруу-уруу, түндүк-түштүк, кокту-колот, мусулман-теңирчи, бай-кедей болуп бөлүнүп келебиз. Кыргыз кыргыз менен болсо, айдама; кыргыз башка бирөө менен болсо, оомабы. Айылыбызга бирөө көчүп келсе батырбайбыз. Айкөлдүк мүнөздү кошо ала кеткен окшойсуңар. Журт аталарыбыз кекиртегин тыя албай бары-жокту абийири менен кошо сатып, аны менен тим калбай өзүнө окшогон арам курсак аткаминерлерди мурас калтырып кетишкен. Эми тукуму менен бөтөн жерде жанын корголоп жүрүшөт. Калың журт ошол ашказан менен ойлонгон аткаминерлердин, түркөй, көөдөнү тайкы "эл жакшыларынын" азабын 25 жылдан бери тартып келет.

Силер кеткенден кийин жерибизге келген баскынчыларга каршы боштондук күрөшүн жүргүзгөндөрдү "басмачы" атап, кыргызды кыргандардын атын көчөлөргө, шаарларга ыйгаргланбыз. Силер Кытайга үрксөңөр, биз эгемендүүлүктөн кийин жабыла Орусияга үрктүк. Кара жанды багабыз деп тентип, балабакыра менен көрбөгөн көргүлүктү көрүп, көрүнгөн жерге талааладык. Ошол эле учурда бизди башкаргандар болгон оокатты менчиктештирип, элдин кешигин жеп каалагандай талтаңдады.

100 жыл өттү. Биз Силерди унуттук. Жерибизди басып алгандарга айкел тургузуп, "100 миңдеген кыргыздын өлүмүнө өзүбүз күнөөлүбүз" деп кээ бир кемчонтой окумуштууларыбыз бүтүм чыгарып да жибериштн. "Тукум курут болгон эмес, анткени кыргыз бүтүн бойдон кырылбай калган" деп дөөрүгөн эл өкүлдөрү чыкты. Орус падышасына толугу менен кырып салбаганына чексиз ыраазычылыгыбызды билдирет окшойбуз. Арбагын сыйлап, тарыхка таазим кылып эскерели дегенде эле, "Кой эле кой, тиги кожоюн эмне дейт" дегенсип шыбырашабыз. Сыягы жүрөгүбүздүн суусу алынып калган окшойт. Негизи жалтактап жашаганга көндүк. Курсак ток эле болсо болду. Кара торпок деле жанын багат экен. Өмүр жан багуу менен өтүп жатат.

Эгемендүү болгондон кийин көп өтпөй мекенибизге террористтер басып кирди. Жаңы тарыхыбызда биринчи жолу кандуу кагылыш болуп, эр азаматтарыбыз окко учту. Бирок биз аларды унуттук. Эрдиктерин даңазалабайбыз. Бала-бакырасынын амандыгын сурап койгон жан жок. Андай окуя болбогондой эле түр көрсөтөбүз. Андан көрө, Афганистандан чыккан совет жоокерлердин датасын, 23-февраль дегенди унутуп калчудай болуп катуу эскеребиз. 7-ноябрды окендер деле унуткан, бирок биз калтырбай майрамдайбыз.

Эне тилибизде сүйлөгөндөн тартынабыз. Дүйнөдөгү эң кымбат, эң ыйык болгон ата-энебизди эне сүтү менен эмген эне тилибизде эмес, "Мама, папа" деп орус тилинде атайбыз. Өлкөбүздө эне тилинде билим берген жогорку окуу жайы жокко эсе. Аты-жөнүбүздү да кыргызчалабай, Орусияга мигрант болуп барса кыйналат деп "-ов, -овага" кайра жапырт өткөрүп алганбыз. Эң жакшы көргөн нерсебиз, көкүрөк каккылап Манас атанын тукумдарыбыз деп калпак кийип азчылыктарга, байкуш кыздарыбызга, тили буруулларга кыйын болмой. Ал эми "старший брат" кыйын болуп, көзгө илбей, элчилигиндеги дипломат сөрөй аксакалдарыбызды тизип койсо, былтыйып унчукпай туруп беребиз. Анысы аз келгенсип "Зима не будет" деген тантырактын баары калпакты башынан түшүрбөй, улуттук баш кийимдин баркын кетиришти. Илимге көз талытып, өнөргө кызыгууга, дүйнө таанууга кудурет жетпейт. Дүйнөгө сунуштай турган кыйратарлык деле жетишкендигибиз жок.


Андан бери 100 жыл өттү. XXI кылым. Бирок биз бейтапканага баргандан корккон, аскерге баласын бергенден качкан өлкөдө жашайбыз. Анан эле көкүрөк койгулайбыз баатырбыз деп. Адилеттүүлүктү каракчыдан издеген коомго айландык. Анткени укук коргоочу, кордоочуга айланды. Шайлоодо добуш аркылуу балдарыбыздын келечегин 1000 сомго эле саткан, берешен элбиз. Өзүбүзчө тың оокат кыла албай, мигранттарыбызды кууп иет экен деп ЕАЭБ (ЕАЭС) деген шермендеге кирип алып, же чыга албай же пайдасын көрбөй, эт менен челдин ортосунда жүргөнүбүз жүргөн.

Акыркы учурда "Деги балдарыбыз кандай өлкөдө жашайт?" деген суроого жооп табалбай убарамын. Эл көргөндү көрөбүз да эми. Ойлосом силер бизге калтырган маданий мурас жана жаныңарды берип сактап калган керемет жерибиз менен эле мактанат экенбиз. А чынында биз, бизден кийинкилерге эмне калтырабыз? Мына ушул суроону балам качан сурап жиберет деп чочулайм.

Айылда кеби бар, караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан, бата берген аксакалдарыбыз барган сайын азайып баратат. Бир гана калпактын эмес, сөздүн да баркы кетти ата. Айта берсе боло берет. Бирок күнөө кемчиликти толугу менен бирөөгө оодарып салайын деген ниетим жок, атаке. Сүт кандай болсо, каймак да ошондой болот экен. Айла жок.

Бардык нерсе жаман эмес, ата, жакшы кабарлар да бар. Улут болуп сакталып калдык. Өлкөбүз бар. Жарандык коом түптөлүп, коомдук пикир, сөз эркиндиги баалуулукка айланган. Ачык-айкындык бар. Көйгөйүбүздү, кемчилигибизди талкуулагандан коркпойбуз. Жемкорлор элдин кешигин жегенди токтотсо эле оңолобуз деген аруу тилек бар. Келечегибиз жаркын экенине ишенгибиз келет. Үмүтүбүз зор. Элдин түйшүгүн тартып, демилге көтөргөндөр көп. Бийиктикти самаган, көкүрөгү тунук, ичинде арамдыгы жок, мекенчил муун бар, буюрса. Кесипкөй, аракетчил, тың мекендештерибиздин көбү сыртта. Кайтып келер бир күнү. Кыргыздын атын сактап, келечек муундарга татыктуу мурас калтыргыбыз келет. Ажобузга көп деле кошула бербейм, бирок ал айткандай, бизди азырынча Кудай эле сактап келе жатат.

(Арык баатырдын күндөлүгүнөн. 23-июль 2016-жыл)



# Эл руханий баалуулукка умтулууда

Театр жана искусство тармагы боюнча коомдук теле радио берүү корпорациясынын башкы директорунун орун басары, драматург Иманалиев Кайрат Олжобаевичтен кыскача маек

## Театр өзү сыйкырдуу искусство

Театр өзү сыйкырдуу искусство, адамды өзүнө арбап алат. Себеби ал жерде актёрлор көз алдында ойноп, аткарып жаткан ролдору, берген образдары адамга өзгөчө таасир калтырат. Театрга кызыккан адам гана драматургияга аралашат. Мен Каракол шаарында окугам. Ал жерде К.Жантөшов атындагы Ысык-Көл драмалык театры бар. Окуучу кезибизде эле мугалимдерибиз спектаклдердин премьерасына алып барар эле. Ошондой эле, спектаклдердин талкууларына да катышар элек. Мектепте да драмалык ийрим уюштурулчу. Андан тышкары, КРнын эл артисти К.Осмонов мектеп театрын ачып, бизди ошол жакка тартып, өзүнүн тажрыйбасынан бизге көп нерселерди үйрөткөн. Мына ушулардын негизинде менин театрга болгон кызыгуум артты го деп ойлойм.

## 11-класста эле башталган

Каракол шаарында окуп жүргөн кезде мектеп партасынан эки пьеса жазып, мектеп сахнасында коюлду. Биринчиси «Тагдырдын тайгак жолунда» деген турмуш чындыгынан алынган пьесамды мектеп окуучулары менен биргеликте койгонбуз. Экинчиси Т.Турсунбаева жөнүндө «Армандуу ак куу баяны» деген пьеса жазгам. 1994-жылы 27-апрелде драманын ачылышына академик К.Карасаев, КРнын эл жазуучусу З.Сооронбаева, А.Саспаев, төкмө акын М.Керим кызы, облаcттык билим берүү башкармалыгынын башчысы Ж.Каниметов жана дагы көптөгөн көрүнүктүү инсандар катышкан. Ошентип драматургиядагы чыгармачылыгым 11-класста эле башталган.

## Тушоомду «Курманжан датка» кескен

Университетте окуп жүргөндө «Курманжан датка» драмасын жаздым. Бул спектаклим университетти аяктап жаткан учурда 22 жашымда М.Рыскулов атындагы Нарын музыкалык драма театрында коюлган. Койгон режиссёру КРнын эл артисти З.Сооронбаев, Курманжан датканын ролун КРнын эл артисти Т.Жумакаева ойногон. Мындайча айтканда, ошол драмам менен профессионалдык театрдагы тушоом кесилди. Ошондон улам биринчи профессионалдык сахнага чыгарган режиссер З.Сооронбаевди устатым деп эсептейм. Драматургия адабияттагы өтө татаал жанрлардын бири. Поэзия, драматургия боюнча дүйнөгө таанымал прозаиктерибиз бар. Анткени менен чыгаан драматургдарыбыз колдун беш салаасындай саналуу.

## 60-жылдардын алптары

Драматургиябызды профессионалдык деңгээлге көтөргөн М.Токобаев болду. Андан кийин 60-жылдары күчтүү муун келди. Мисалы: Бексултан Жакиев студент кезинде жазган «Атанын тагдыры» пьесасы менен адегенде эле чоң атак-даңкка жетти. Кийин канчалаган күчтүү драмаларды жазды. Чыгармалары Кыргызстанда эле эмес, Казакстандын театрларында коюлуп, түрк, орус тилдерине которулду. Ошондой эле М.Байжиевди камералык театрдын негиздөөчүсү десек болот. Чакан адамдар менен чоң спектаклдерди коюу ыкмасын негиздеген киши. «Төрт адам», «Кыз күйөө» аттуу драмалары СССР боюнча күчтүү драматург катары таанытып, пьесалары СССРдин бардык өлкөлөрүндө, ал тургай Германияга чейин коюлган. Муну дагы биздин драматургиядагы чоң бийиктик катары эсептесек болот.



## Күчтүү муун келет деп ишенем

Кийинки мезгилде драматургиянын аксап калышы турмуш шартында театрга жасалган мамиле солгундап кеткенинен болсо керек. Эл театрга барбай калды. Профессионалдык эмес, жеңил-желпи нерсеге умтулду. Театрлар эл аралап гастролго чыкпай, басмырланды. Драматургия жанрына кайрылган жаштардын саны азайып кетиши да ушундан болсо керек. Бирок, азыр театр кайрадан жанданып келатат. Эл руханий баалуулукка умтулууда. Ушундан улам драматургияга кызыккан, аны аркалаган күчтүү муун келет деп ишенем.

## Ушул күндөрү ооруп жүрөм

Азыр чыгармачылык оорусу менен ооруп жүрөм. Жакшы бир-эки нерсе жазып аттым эле, бүтөйүн деп калды. Бирок толук жарыка чыкмайын жарыялоо эртерээк. Андан сырткары, «Учур» театр тобу менен чыгармаларды үстүнөн иштеп жатабыз. Буюрса кыргыз драма театрында жаңы спектаклимди коюу алдында турам. Чынында, бул жанр менин жан дүйнөм. Чыгармачылыгымдагы ички толгонуумду драматургия аркылуу берип жаткандан кийин бул жанр менен жашайм десем да болот.

ТААЛАЙ МАМБЕТОВ

# “Кыйышпас достор” (Intouchables / 1+1)

2011-жылдын аягында Францияда “Кыйышпас достор (Intouchables)” аттуу комедия аралаш драмалык тасма жарыкка чыкты.

Айтайын деген накыл кеби, асыл ою бар бул кинотасма болгон окуянын негизинде жарык көргөн. Тасмага негиз катары 2004-жылы тартылган “Жашоо жана өлүм (La Vie, à La Mort)” документалдык фильминде чагылдырылган француз аксөөктөрүнүн бири Филипп Поццо ди Борго жана анын түбү алжирлик жардамчысы Абдель Селунун жашоосу алынган. Филипп Поццо ди Борго 1993-жылы кырсыктан улам майып болуп калган.


## Таржымалы

Кырсык каш-кабактын ортосунда демекчи, аэропланда учуп жүрүп кырсыкка кабылып майып болуп калган аксөөк Филипп (Франсуа Клюзе) өзүнө күнүмдүк жашоодо жардам бере турчу киши издеп жүргөн. Бирок мындай жумушка келбетинен баштап, мүнөзүнө чейин такыр ылайыгы жок мигранттардан, борбор калаанын кедей бөлүгүндө жашап, түрмөгө отуруп чыгууга жетишкен Дрисс (Омар Си) аттуу жигитти тандап алат. Дрисс болсо күтүлбөгөн жерден калган өмүрүн төшөктө жатып өтө турган Филиппке жашоонун даамын, кызыгын кайрадан көрсөтүп, анын маанилүүлүгүн эстеткенге жардам берет.

## Негизги ой

Албетте, мындай карай келгенде тасма эки кишинин ортосундагы бир топ социалдык, улуттук айырмачылыктарга карабай өрчүгөн бекем достукту чагылдырат. “Маданият” деген эмне экенин билбеген кара досун европа маданиятына, аксөөктөрдүн чөйрөсүнө көндүрүп, ошону менен бирге андан жаңы доордо кантип жан сактап калуу керек экенин үйрөнөт жана майып болуп төшөктө жатса да болгон күчүн топтоп турмушка жаңы кадамдарды таштайт. Кээ бир киносерепчилердин айтканына таянсак, бул тасма азыркы европа өлкөлөрүнүн маданиятын да кыстара кеткен. Ренессанста гүлдөп азыркы күнгө жеткен европа маданияты акырындап алдан тайып, карып калганы тасмадагы Филиптин образы аркылуу берилген.

Дагы бир эпизодунда болсо француз аксөөк Филиппти классикалык музыкага жакындаткысы келет, бирок көчөнүн даамын татып калган Дрисс аны четке кагып “Бийлете албаган музыка да музыкабы?” деп ага азыркы шаңдуу музыкадан коюп алып шылкылдап бийлеп берет. Албетте, француздар бир жактан операларга барып, классикалык музыкалардан ырахат алып, галереядагы сүрөттөрдү карап, алардын тереңинде жаткан ойду аңдагыча, мигранттар алардын жашоосун бир беткей талдап алып, өз түшүнүктөрүнө жараша жаңы доорду баштаганга кадам таштап келишет. Бул көрүнүш дагы тасмада ачык эле көрүнүп турат.






Аксөөк Филипп жана анын катчысынын образдары аркылуу азыркы француз, деги эле европа коомчулугунун абалы берилген. Филипп – алдан-күчтөн тайган киши, кызы болсо башына кенедей эле кыйынчылык түшө калса жанын кыюуга даяр, өмүр дегенди баалабаган неме. А катчысы аял болуп туруп аял менен жашаган, өзүнөн кийинки укум-тукумду ойлобогон жан. Ошол эле тапта мигранттардын үйүндө бул турмушта өз ордун тапкысы келген толтура жаш балдар көрсөтүлгөн. Филипп өз кызынын эмнени ойлоп, эмнеден улам кыйналып жатканын көрө албайт. А мигранттар алыс тууганы болсо да бири-бирине кам көрүп, колунан келишинче жардамдашып, ата-энесинен ажырап калса өз үйүнө киргизип алышат.

Тасмада азыркы доордогу чыныгы коомдук, маданий көйгөйлөр козголгон. Мыйзамдарга ээ-жаа бербей, өз билгендей жашоо, укук деген немени эске албоо, деги эле маданият дегендин тереңин андай билүү сыяктуу суроолор камтылган.

## Тартылышы

Тасма сегиз кинокомпаниянын эмгеги менен тартылып, анын ичинен «Chaocorp», «Gaumont», «TF1 Films Production» жана «Quad Productions» сыяктуулары негизги жумуштарын аткарышкан. Жогоруда аты аталган документалдык тасма менен кошо Флилипп Поццо ди Боргонун 2001-жылы жарык көргөн “Экинчи мүмкүнчүлүк” аттуу автобиографиялык чыгармасына негизделген. Тасманы тартууда буга чейин жети тасманын сценарийлик жана режиссерлук эмгегин аркалаган Оливье Накаш менен Эрик Толедано эмгектенишкен.

Фильм Париждин борбору, ошондой эле анын көчмөндөр жашаган бөлүгүндө тартылып, жалпысынан 9,5 миллион евро корогон.

АЗАТ ЖАПАРБЕК



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Ал өлөрү менен кун алабыз деп бүтүн Жапак аттанып, таң аткыча Боордон жылкы тийип чыгат. Эртеси эки жактын эл билермандары баш кошуп, сүйлөшүп, бүтүм чыгарат.

Боор кун үчүн түтүнгө бир карадан бермек болот. Чатак ушуну менен аяктайт. Бүгүн биздин уйду талаадан кууп келкендин мааниси да ошол экен. Байболот жаңкыдай деп кирип келгенде Элебес насыбай ийлеп отурган жан аягын кармаган бойдон:

— Эмне дейт, катыгүн?! — деп көзүн чоң ачып Байболотко тикийип отурган жеринде катып калды.

Жайды түшүнгөндөн кийин Бурмаке:

— Жалгыз уйга көз арткыча балаңдын күнүн көрбөй кал! Жетимдердин убалы уктатпасын, арамдар! — деп жер-жеберине жетип, каргап-шилеп коё берди. — «Эки дөө кагышса, орто жерде кара чымын кырылат» болуп, тоюп семирген арамдардын кесепети бечара карыптарга тийчү болду...

Бул тууралуу биздин бир тыйынча жазыгыбыз болбосо да:

— Окшошкон салыктар, эми отургула, Кудай силерге берди! — деди Жанымжан. Бул сөздү кимге көздөп жибергени белгисиз, айтор жетимдердин баарына орток айтылгандай болуп туюлду.

— Алда караңгүн ай, катыгүн ай. Эмне карап турбадыңар? — деп таяк жеп алгандан кийин басылып жаткан кучүктөй кыңылдап Элебес өзүнчө кетти.

Байболот кирип келип, эшиктин алдында турган бойдон жер карап бир топ ойлонгонсуп калды да:

—Атасынын көру, мен кайсы аялуу кул элем?! Бу көрөкчө ошолордун колуна барып өлүп берейин,—деп күүлөнүп чыгып кетти. Ал чыгып кетээри менен бир аз туруп:

— «Жатып өлгөнчө атып өл» деп сен да барсаңчы Бейшемби — деп Элебес туурасынан Бейшембиге бир карап алып, кайра жактырбаган кишиче мойнун буруп кетти.

— Барам. Барбаганда силер эми мында менин кулак-мээмди жебей тынч койгон турасыңарбы? Андан көрө...

Бейшемби уйдун артынан Көлгө чейин кууп кетти. Бирок арадан бир-эки күн өтпөй «Бейшемби Көлгө барып, уйду талашам деп таяк жеп калыптыр. Сен кайдан чыккан тентексиң деп жакшылар бир тобун тукуруп ургузуп коюптур» деген кеп угулуп калды.

Мына, ээрчиген бир кишиси менен Бейшемби бүгүн өзү да келди. Ал баягы айтылуу Карабай старчын. Дагы эмне балээ менен келди экен?

Уйдун тарыхын айтып бүткөндөн кийин бир аз туруп Бейшемби:

— Он беш сом чыгым түшүптүр, эми кайдан таап бердик? — деп Элебеске карады.

— Эмне чыгым ботом? Чыгымын кечээ эле бербедик беле? Дагы эмне балээси чыккан!

Бурмаке эч кимдин өңүнө карабай өзүнчө кобурап:

— Айтор жакшылары кургур чыгымдан көз ачырбас болду го. Жетимдерди эптеп, алдап-соолап отурган жалгыз уйду кууп кеткени аз келгенсип, эми эшиктеги жалгыз чолокко көз артып калганбы! — деди.

Төрдө жаман шырдактын үстүндө отурган чекир көз старчын колунда эрмектеп, сындырып отурган жалгыз тал куурайын отко таштап жиберди да Бурмакеге жооп берчүүдөй оңтойлонуп келип:

— Ээй байбиче, журт менен бирге көрүш керек. Журттун ынтымагынан чыгып болобу? — деди салмак менен гана көптү көргөн, эстүү киши болуп.

— Ынтымак деп жүрүп да сыйпалып бүттүк. Ыракмат, чыгымын улугу бир салса, жакшылары эки эсе кылып отуруп, мындагы элдин аягына да чыкмак болду. Биз эми кайда барып баш калкалайбыз. Кайда барып күн көрөбүз? — деди Бурмаке наразы көзү менен старчынга жалт-жалт карап алып. Эртеси, чөп чаап берүүгө чыкса алып берейин деп чыгымдын акчасын издеп Бейшемби таң заары менен Василийдикине аттанып кетти. Старчын илээшип айдап алды.

## VIII

Мал көккө тоюп калган кез. Төрт-беш түтүн жолчулар кыштагынан ташынып, илгерки жайытына барып конгон. Бир Карпыктыкынан башкасы чогуу бир жерде. Карпык — Кызыл-Кыядагы элдин байы, башынан ушунда байыган адам. Жаз болсо дайым элден бөлүнүп, жалгыздап барып конуучу. Жолчулар менен мурунтан ынтымак кошуп көргөн жан эмес. Карпыктын өзү кыркты ары жагына кеткен, чокчо көкала сакал, көзүнүн ары жагынан арамдыгы көрүнүп турган сүйкүмсүз, түксүйгөн сары киши. Түсүнө караганда «адамга жакшылыгы жок» деп жоругудай неме. Эл муну «ач көз Карпык» дейт. «Кымызын элден кызганып барып ошондой конот» дешчү. Бир эсептен элдин айтаары да жөндүү эле. Өзү элден обочо конуп, бээлерин байлап салып, күндө эки чанач кымызды артынып алып, ары түштүк жерге, Каркыра жармаңкесине сатып келүүчү.

Кезек-кезек Карпыктыкынан кымыз ичебиз деп барган жолчунун катындары:

— Капыр, ырымың кургур, жаңкы мисирейген кемпири качан болсо чыныга куят,— деп келишчү. Деги чанда бир болбосо мында көп баруучу да эмес. Кызыл-Кыяга келген бий, болуш, улук, жасоолдор гана ушунукунда болучу.

Бул тура турсун. Бир күнү эртең менен бирөө төмөнтөн турсүлдөтүп биздики жакка бастырып келди да:

— Элебес, барсыңбы? — деп үн салды.

— Бар.

— Эмесе бүгүн бир киши бер!

— Эмнеге?

— Чоңкол6 келет экен. Жол оңдотот дейт. Төмөн жакта жөн эле кыйратып келе жатат.

— Эмне болуп?

— Караколдон улук өтөт экен. Бол тез! — деп атчан калганын айтпай бастырып кетти.

«Чоңкол» деп укканда Элебестин мурунтан үшүгөн жүрөгү зырп эте түшкөндөй болду. Өзү сыр бермексен болсо да, түсү көрсөтүп турат.

«Чоңкол» — кыргыздын коюп алган аты. «Стражник» дегенди коюп эле, кийин, «Чоңкол» деп кеткен. Чоңкол десе бүтүн Каракол уйөзүнүн жаш баласына чейин билет. Анын Чоңкол десе чоң кол эле чиркин: эки колу токмоктой болуп, чүйлүсү казыдай буртуйган, муруту чычайып, көзү кутурган иттей кыпкызыл, сүрдүү келген, очойгон чоң орус эле. Бирок бул жеке колу чоңдугунан эмес, элди көп урганынан «Чоңкол» аталган.

Күн шашкеге көтөрүлүп калган. Бурмаке бир кезде:

— Кокуй, Элебес, Чоңкол келип калыптыр! — деп териге ашаткы төккөн аякты боз-ала кылып кармаган бойдон бөкчөңдөп ашыга кирип келди. Үйдөн көрүп турабыз. Топ Карпыктын үйүнүн жанына жыйналып жатат. Элдин ичинде Чоңкол жана бир топ жасоол, элүү-башы, старчын сыяктуулар жүрөт. Чоңкол ачуусун сыртына жыйнап, каарданып, элди аралап, сөгүп жүрөт. Бир кезде:

— Сенин кишилериң кана? — деп бирөөнө кекетип, омуроолоп келди.

Бул Тогузбай айлынын старчыны эле. Колун сермеп, бирдеме деп жооп берген болуп жатат. Ага болбоду, Чоңкол акем атчан туруп, жогору болуп кериле түшүп басып-басып жиберди да, аны таштап коюп ошол замат жана бирине жетти. Арачалаар жан жок, таяк жегендер эринен качкан катындай корголоп, башын качырып жүрөт.

Элебес үйдүн ичинде жыртыктан шыкаалап турган. Бир кезде жыртыктан мындай болуп, мага карады да:

— Сен барчы,— деди.

Мен барып жеткен кезде Чоңкол жыйналган топту койдой айдап жөнөп калган. Эл ошондон эле даңгыр жолго түшүп, жолдун ташын терип, кетмен, күрөктөрүн сүйрөп, жол оңдоп кирди. Жайпап жүрүп отуруп Кызыл-Кыянын так түбүнө келгенде, эл ушунда убадалашкандай туш-туштан агып, жыйналып бир берди дейсиң... Пай-пай, бүтүн бир уйөзгө караган жан калган эмеспи, кандай.

Арытан шыдыр келип ушу жерге жеткенде көпкө токтотту. Аңырайган, суу жеген аңдарды толтура албай түшкө чейин буйдалдык. Тыным алуу деген жок, Чоңкол сырттан багып, аңдып жүрөт. Бирөөнүн баш көтөргөнүн көрсө кутурган карышкыр тийгендей кылат. Торгойакун экөөбүз жүгүрүп, этегибиз менен топурак ташып жүрөбүз. Бирөөлөр: «баш көтөрбө, Чоңкол карап турат» деп коёт бири-бирине. Бир жерде чымды быртт-быртт сайып жатса, эми бир жерде сом темирлер чакылдап, төөдөй таштарды кулатып жатат.

Ушул убакта Чоңкол атын баса бир камчылап алды да топтун ичинен бирөөнү көздөп качырып калгандай болду. Эл жарыла берди. Ошондон качырып барып, элдин ортороок ченинде бешмантчан, чыкыйып турган бир кызыл жигитти токмоктой колундагы муздай камчы менен басып-басып алды. Жигит сынып бараткан чыбыктай кайкалай түшүп, мындай качып чыга берди. Эл аны көргөн соң, күрөктү баса-баса сайып тез кыймылдап, жабар-жубур болуп заматта тириле түштү.

***(уландысы бар)***

MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 89 55 77
Жарыя! Жарыя!
Шашылганда шап келет
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77
БАШТАЛЫШЫ
40 сом
10 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА
Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!



# Алтын муунга өрнөк

"Элим барсыңбы?" кайрымдуулук фонду эки жүзгө жакын жетим баланы 18инен 25-июлга чейин көл жээгине эс алдырып келди. Алар менен бир жума ар кандай семинарларды, интеллектуалдык жана көңүл ачуучу оюндарды уюштуруп, кыргыз жергесинде төбөсү көрүнгөн жылдыздар менен маектешип ж.б. түрлүү программадагы эс алууну өткөрүштү. Балдардын лагерине көрк кошуп, конокко келген, "Жаагың сынса сынсын, бирок, ушул балдардын шагы сынбасын" деген акын Идрис Айтибаев, Айым Айылчиева, Омар, Мыйзам, Нурлан Насип, Тынчтык Айылчиев, Элиза Орозова, Назира Бактыбекова, Мирбек Атабеков, Илияз, тамашоучу Эламан жана башка демөөрчү байке-эжелер өз белектери менен келип, өздөрүнүн алтын муунга өрнөк болчу жакшы насааттарын айтып, балдардын эс алуусуна, кубанычына ортоктош болушту.

## Келечекке тунук көз караш

Айтылган иш-чара боюнча "Элим барсыңбы?" кайрымдуулук фондунун жетекчиси Хабибулла Арзыкулов төмөнкүлөрдү айтып берди:

– «Элим барсыңбы?» кайрымдуулук фонду 3 жылдан бери балдар үчүн жайкы лагерлерди уюштуруп келет. Бул жолу ар бир облустан 30дан тоголок жетим балдарды тандап алууга аракет жасадык. Алардын арасында зордук-зомбулукка кабылып, психологиялык жактан өтө жаман абалга түшүп калган балдар дагы болду. Биздин максат, бир жуманын ичинде писхологиялык жактан жабыр тарткан балдарды соц. педагогдордун, волонтерлордун жардамы аркылуу келечекке үмүт берүү. Мисалга, психологиялык жактан жабыр тарткан балдар белгилүү инсандар менен жолугуп, алардын кеп-кеңештерин, ийгиликке жетүүнүн сырларын алардын өз оозунан укканда, аз да болсо келечекке көз карашы өзгөрөт деп ойлойм. Учурда Кыргызстанда 120 миңден ашык жетим балдар бар экени тастыкталса, биз алардын ичинен биринчи жылы 80дей, былтыр 150дөн ашык баланы эс алдырганбыз. Быйыл болсо эки жүзгө жакын баланы эс алдырып келдик. Мындай жакшы иштерди көрүп демөөрчү болгондор көбөйдү. Эми келерки жылы 250гө жеткирели деп аракет кылып жатабыз. Ал эми ден-соолугу начар, мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга биз эс алуу уюштура албайбыз. Анткени ар бир майып балага бирден тарбиячы керек болгондуктан, биз үчүн кыйынга туруп калат экен. Муну мамлекет колго алып уюштурса болот. Ошондуктан азыр жетим





балдарга көбүрөөк көңүл буруп жатабыз. Лагерге алып барган балдардын бир бөлүгү "жетимдер үйүнөн" болсо, калгандары жакындарынын колундагы балдар болду. Кээ бир жетим балдарды жакындары анын аз да болсо жөлөк пулун пайдаланыш үчүн алып жүргөндөр да бар. Балдарга болсо эч кандай кам көрбөгөндөрдү көрдүк. Балким ошолорго жакшы кам көрсөк, алардын арасынан эл керегине жараган, татыктуу адамдар чыкмак. Ошондуктан, көңүлдү көбүрөөк жетим балдарга буруп жатабыз. Биз ошол эле балдарды жыл сайын алып барбайбыз. Себеби, башка балдарга дагы мүмкүнчүлүк беришибиз керек. Мындай жакшы күндөр балким ал баланын өмүрүндө бир, же эки жолу болушу мүмкүн. Бирок, мурда барган балдар менен дагы байланышты үзбөй, жыл ичинде биздин ыктыярчы балдар аларга акысыз курс өткөрүп, жетишпеген сабактарына жардам берип, ар кандай иш-чараларды өткөрүп турабыз.

## Кароосуз балдарга мээрим төгүү - келечегине кам көрүү

Жылына балдар үйлөрүнөн 500дөн 800гө жакын окуучу аяктаса, алардын 70-80%ы ар кандай жаман жолдорго түшүп кеткени аныкталган. Бул биздин өлкө үчүн өтө жаман көрсөткүч. Ошондуктан, буга кайдыгер болбой, анын алдын алып, бардыгыбыз биргеликте балдардын келечегине кам көрсөк жакшы болмок. Биз кайрымдуулук фонд катары топтогон каражатыбызды балдар үчүн жумшап, колубуздан келген аракеттерди жасап жатабыз. Жетим балдар жашоонун кыйынчылыгынан улам, ой жүгүртүүсү чоң кишидей болуп калат. Ата-энени көрбөй, мээримин сезбегендиктен алардын оюу чектелүү. Ал балдарга мээрим төгүп эркелетсек, билим даамын сездирсек көп нерселерин бөлүшүп, таланттары ачыкка чыкмак. Ошол себептүү лагерге катышкан ар бир балага өзгөчө мамиле кылып, тарбия алуу, билим алуу жагынан дагы бардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүп бердик. Биз азыр ар бир аймакта өзүбүздүн өкүлчүлүктү ачып, ал жердеги жетим балдардын санын чыгарып, ошол эле аймактарда лагерлерди уюштурууга багыт алып жатабыз. Учурда мүмкүнчүлүгүбүзгө жараша ар бир аймактан жетим балдарды алып келүүдөбүз. Ошондуктан башка аймактагы демөөрчү болом деген ишкерлер өз аймагындагы балдарды эс алдырса жакшы болмок. Бул мамлекетке дагы чоң жардам болот эле. Муну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары колго алса болот.

ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК УУЛУ







